**Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги**

# Жергиликтүү деңгээлде үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо. Жергиликтүү комитеттердин ишинин негизги стандарттары

## Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттер үчүн колдонмо

**Бишкек 2022**

Жергиликтүү деңгээлде үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо. Жергиликтүү комитеттердин ишинин негизги стандарттары. Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттер үчүн колдонмо.

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин (2022-жылдын 9-июнундагы № 79 Буйругу) жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин (2022-жылдын 9-июнундагы № 152 Буйругу) биргелешкен Буйругу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан практикалык колдонуусу үчүн сунушталган.

Колдонмо үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттердин ишинин бирдиктүү стандарттарын киргизүү максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү үчүн арналган. Ал жергиликтүү комитеттерди түзүүнүн укуктук негиздерин, иштөө принциптерин, жергиликтүү комитеттерди ишин түзүү жана куруу боюнча иш-аракеттер алгоритмин, документтердин үлгүлөрүн жана шаблондорун, ошондой эле жергиликтүү комитеттердин ишинде пайдалуу боло турган башка документтерди камтыйт.

Документ жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жетекчилери, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу чөйрөсүндө иштеген жарандык коомдун өкүлдөрү үчүн пайдалуу болот.

Бул колдонмо сатуу үчүн арналган эмес, акысыз таратылат, тиешелүү шилтемелер менен колдонулушу жана кайра чыгарылышы мүмкүн.

Ушул колдонмо Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин жана Жарандык союздун колдоосунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, БУУнун жана Европа биргилигинин “Теңдик нуру”

Инициатива «Луч света»

Министерство труда, социального обеспечения и миграции Кыргызской Республики

UNODC
Управление Организации Объединенных Наций по наркотикам и преступности

гражданский союз

биргелешкен демилгесинин алкагында даярдалган.

## Мазмуну

**КИРИШҮҮ** 5

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет деген эмне?** 6

**Жергиликтүү комитеттердин курамына кимдер кирет?** 6

**Жергиликтүү комитеттер кандай милдеттерди жана функцияларды аткарат?** 7

**Жергиликтүү комитеттердин мүчөлөрү кандай укуктарга ээ?** 8

**ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН САКТОО ЖАНА КОРГОО БОЮНЧА ЖЕРГИЛИКТҮҮ КОМИТЕТТЕРИНИН ПРАКТИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ** 9

**Жергиликтүү комитетти түзүү** 9

**Ишти пландаштыруу** 11

**Жергиликтүү комитеттердин ишинин тартиби** 14

**Профилактикалык иш** 15

**Үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган адамдарды аныктоо** 16

**Үй-бүлөдөгү зомбулукка реакция кылуу** 16

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандарга жардам** 21

**Үй-бүлөлүк зомбулук менен иштөө сценарийинин мисалы** 22

**Отчет берүү** 24

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабырлануучулар менен иштөөдөгү принциптер жана ыкмалар** 25

**1-тиркемеси. Жергиликтүү комитетти түзүү тескеменин үлгүсү** 27

**2- тиркемеси. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттин иш планынын үлгүсү** 29

**3- тиркемеси. Жергиликтүү кызмат көрсөтүүчүлөрдүн картасы (үлгү)** 33

**4-тиркемеси. Үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча жарандардын кайрылууларын эсепке алуу журналы** 37

**5-тиркемеси. Коркунучтун деңгээлин жана зомбулукту күчөтүү коркунучун жараткан кырдаалдарды баалоо** 38

**6-тиркемеси. Жабырлануучу менен коопсуздук планын түзүү** 40

**7-тиркемеси. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттин** 45

# КЫСКАРТУУЛАР ТИЗМЕСИ

ШИИБ – Шаардык ички иштер башкармалыгы

КР – Кыргыз Республикасы

КБ – кризистик борбор

ЖК – үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет

ИИМ – ички иштер министрлиги

ЖМА – Жергиликтүү мамлекеттик администрация

ЭСӨММ – Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги

МАБ – Муниципалдык аймактык башкармалык

ӨЭУ – өкмөттүк эмес уюм

ЖӨБО – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы

ИИО – Ички иштер органдары

РИИБ – Райондук ички иштер бөлүмү

АКК – Аймакты коомдук кеңеш

АБ – Аймактык башкаруу

МУЫ – милициянын участкалык ыйгарым укуктуу өкүлү

СӨБ – Социалдык өнүктүрүү башкармалыгы

ФАП – Фельдшердик-акушердик пункт

АЮЖБ – Акысыз юридикалык жардам борбору

ҮбМБ – Үй-бүлөлүк медицина борбору

# КИРИШҮҮ

Акыркы жылдары Кыргыз Республикасы аялдарга жана кыздарга карата зомбулукту жоюу үчүн олуттуу аракеттерди көрүүдө, мында үй-бүлөлүк зомбулукка өзгөчө көңүл бурулууда. Кыргызстан КМШ өлкөлөрүнүн ичинен биринчилерден болуп үй-бүлөдөгү зомбулукка каршы аракеттенүү үчүн атайын мыйзам кабыл алды. Бүгүнкү күндө бул багыттагы негизги мыйзам "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы болуп саналат.

Бирок мамлекеттин жана коомдун аракеттерине карабастан көйгөй актуалдуу бойдон калууда жана туруктуу ишти талап кылат. Үй-бүлөлүк зомбулукту жок кылуу мыйзамдардан жана башка мамлекеттик документтерден гана көз каранды болбойт. Жергиликтүү коомчулук маанилүү ролду ойнойт, ал бул терс көрүнүш менен күрөшкөн негизги субъекттердин бири болушу керек.

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандар, алардын жакынкы чөйрөсү жана жалпысынан коом кесепеттери – кыска мөөнөттүү дагы, ошондой эле узак мөөнөттүү дагы, түз да (жабырлануучулар үчүн), кыйыр да (үй-бүлөдөгү зомбулуктун күбөсү болгондор үчүн) кесепеттери канчалык олуттуу экенин көп учурда түшүнө беришпейт. Мында балдар өзгөчө аялуу болушат – үй-бүлөлүк зомбулук көнүмүш болгон кырдаалда чоңоюп, алар бул жүрүм-турум моделин өзүнүн үй-бүлөсүнө көчүрөт жана алардын балдары дагы ушундай эле кырдаалга кабылат. Кесепеттери менен күрөшүүдө гана эмес, гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууда болгон күч-аракетти жумшап, бул туңгуюктан чыгуу керек.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйлөрүн чечүүгө комплекстүү мамилени камсыздаган, мамлекетик органдардын, уюмдардын жана жарандардын өз ара кызматташтыгынын моделинин ишин, мамлекеттик да, жергиликтүү да деңгээлде координациялоону караган белгилүү бир ченемдер кабыл алынган. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттер – бул моделдин маанилүү механизмдеринин бири. Жерлерде комитеттердин ишинен көп нерсе көз каранды болот, ошондуктан алардын ишин туура жана натыйжалуу уюштуруу маанилүү. Ушул максатта бул Колдонмо даярдалган.

Колдонмо ага ылайык жергиликтүү комитеттер түзүлүшү жана иштеши керек болгон мыйзам ченемдерин гана эмес, реакция кылуу, жабырлануучуларга жардам берүү жана кайра багыттоо боюнча практикалык кеңештерди, стандарттарды жана иш-аракеттер алгоритмдерин камтыйт. Автордук жамаат бул документ өлкө боюнча бардык жергиликтүү комитеттер үчүн дайыма колдонулуучу китеп болуп калат деп үмүттөнөт. Сиздердин ишиңиздерге ийгилик каалайбыз!

Эгерде бул Колдонмону окуганда сизде кошумча суроолор жаралса же ага тиркелген документтердин жана үлгүлөрдү электрондук версиясын алышыңыз керек болсо, stopnasilie@reforma.kg электрондук почтасына жазыңыз.

# ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН САКТОО ЖАНА КОРГОО БОЮНЧА ЖЕРГИЛИКТҮҮ КОМИТЕТТЕРДИ ТҮЗҮҮНҮН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

## Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет деген эмне?

Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет (мындан ары – жергиликтүү комитет, кыскартылган - ЖК) – бул үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу, аялдардын, балдардын, улгайган жана аракетке жөндөмсүз жарандардын укуктарын бузуу маселелери боюнча өз ара аракеттенүү жана кызматташуу үчүн мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнөн (үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдардын субъекттеринен), жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнөн жана жарандык коомдун өкүлдөрүнөн турган коомдук башталышта түзүлгөн туруктуу иштөөчү коллегиялуу орган.

Жергиликтүү комитет жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан түзүлөт. Ар бир айыл аймагында/шаарда ушул айыл аймагынын/шаардын аймагында иштеген, өзүнүн жергиликтүү комитеттери уюштурулат. Бир айыл аймагында бир нече жергиликтүү комитеттерди түзүү практикаланууда, алар аймактын курамына кирген ар бир айылдын, участоктордун аймагында иштейт. Шаарларда административдик бөлүнүштөрдүн (муниципалдык аймактык башкаруу, аймактык кеңештер, аймактык башкармалыктар) негизинде участоктор боюнча өзүнчө жергиликтүү комитеттерди ачуу сунушталат, анткени шаарларда калктын саны көп.


ЖК иш тартиби жана шарттары Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин 2020-жылдын 13-мартындагы № 40 Буйругу жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер мамлекеттик агенттигинин 2020-жылдын 13-мартындагы № 1- 18/35 Буйругу менен бекитилген, Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет жөнүндө типтүү жобо менен аныкталат.

**1-стандарт. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлөт жана иштейт**

## Жергиликтүү комитеттердин курамына кимдер кирет?

Жергиликтүү комитеттин курамына үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу төмөндөгү субъекттердин өкүлдөрү кириши мүмкүн (1-сүрөт):

1-сүрөт. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттин курамы




ЖК мүчөсү 18 жашка толгон, аракетке жөндөмдүү, айыл аймагынын, шаардын аймагында туруктуу жашаган же иштеген өлкөнүн жараны боло алат. ЖК курамына кириши мүмкүн (жергиликтүү комитет түзүлгөн аймакка жана бул деңгээлде каралган субъектилердин болушуна жараша):

- айыл өкмөт башчысы/мэр, айыл өкмөт башчынын/мэрдин орун басары, айыл өкмөтүнүн/мэрия кызматкерлери;
- айылдык/шаардык кеңештердин депутаттары;
- ички иштер органдарынын кызматкерлери;
- социалдык өнүктүрүү органдарынын кызматкерлери;
- саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлери;
- окуу жайларынын кызматкерлери;
- юстиция органдарынын, акысыз юридикалык жардам борборлорунун өкүлдөрү,
- адвокатура өкүлдөрү;
- кварталдык, үй комитеттеринин төрагалары же мүчөлөрү;
- коммерциялык эмес уюмдардын өкүлдөрү;
- бизнес-компаниялардын же ишкерлердин өкүлдөрү,
- формалдык эмес бирикмелердин өкүлдөрү (аялдардын, жаштардын ж.б. кеңештери);
- жергиликтүү активисттер.

**2-стандарт. Жергиликтүү комитеттер – бул коллегиялуу орган, ал иштин натыйжалуулугу үчүн үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү субъекттердин максималдуу мүмкүн болгон санын камтыйт**

## Жергиликтүү комитеттер кандай милдеттерди жана функцияларды аткарат?

Жергиликтүү деңгээлде үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттердин ведомстволор аралык координациясына жана өз ара аракеттенүүсүнө көмөктөшүү ЖК алдына төмөнкүдөй милдеттерди коёт:

- Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу маселелери боюнча мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандык коомдун өкүлдөрүнүн ортосундагы өз ара аракеттенүү;
- Адам укуктары, укуктарды коргоо жана сактоо, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулукту болтурбоо маселелери боюнча жергиликтүү калкка маалымдоо;
- Жергиликтүү жаамат менен түшүндүрүү жана консультациялык жолугушууларды өткөрүү;
- Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана укук коргоо маселелерине байланышкан коомдук демилгелерди талкуулоо жана илгерилетүү;
- Мамлекеттик органдардын жана ӨЭУ үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу боюнча көрсөткөн кызматтарынын сапатын жакшыртууга көмөктөшүү;
- Үй-бүлөлүк зомбулук маселеси боюнча маалыматтарды жыйноо;
- Маалыматтык-агартуу иши боюнча сунуштарды, сунуштамаларды даярдоо жана коомчулуктун маалымдуулугун жана болуп жаткан зомбулук үчүн жоопкерчилигин жогорулатууга багытталган координациялоону күчөтүү.

Жергиликтүү комитетке төмөндөгү функциялар жүктөлөт:

- Калк менен адам укуктары жана үй-бүлөлүк зомбулукту болтурбоо маселелери боюнча алдын алуу жолугушууларын өткөрүү;
- Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга маалыматтык жана консультациялык укуктук жардам көрсөтүү жана аныктоо;
- Комитеттин мүчөлөрү үчүн кварталына бир жолудан кем эмес окутуу иш-чараларын өткөрүү;
- Зарыл учурларда ички иштер органдарына жана прокуратурага үй-бүлөдө жасалган зомбулук фактылары жөнүндө кабарлоо;
- Аялдардын, балдардын, улгайган адамдардын коопсуз жашоого болгон укуктарынын бузулган учурларына туруктуу мониторинг жүргүзүү;
- Жеке жана жергиликтүү жаамат менен байланышты өнүктүрүү жана колдоо;
- Үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу боюнча коомдук демилгелерди колдоо жана өнүктүрүү боюнча аймактар аралык кызматташууну өнүктүрүү;
- Зомбулуктан жабыр тарткан жарандарга турмуш-тиричиликтин чектеген тоскоолдуктарын жеңүүсү үчүн шарт түзүүгө көмөктөшүү жана коомдун турмушуна катышуу үчүн башка жарандар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу;
- Үй-бүлөдөгү зомбулук маселелери жана үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо механизмдери боюнча маалыматтык иш-чараларды өткөрүүдө мамлекеттик мекемелерге жана коомдук бирикмелерге көмөк көрсөтүү.

## Жергиликтүү комитеттердин мүчөлөрү кандай укуктарга ээ?

**Типтүү жобого ылайык, ЖК укуктуу:**

- үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу маселелерине байланышкан коомдук демилгелерди кароо;
- ченемдик укуктук актылардын жана башкаруучулук чечимдердин долбоорлорун иштеп чыгууга жана коомдук угууларга катышууга;

- мамлекеттик органдар жана ЖӨБО тарабынан пландаштырылган же кабыл алынган чечимдерди өркүндөтүү боюнча сунуштарды, сын-пикирлерди киргизүүгө;
- өзүнүн ишине улуттук, эл аралык, эксперттик жана илимий уюмдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрүн, ошондой эле айрым адистерди тартууга;
- семинарларды, конференцияларды, тегерек столдорду, коомдук угууларды жана башка иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө;
- комитеттин компетенциясына кирген маселелерди талкуулоо үчүн тийиштүү мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлерин, жарандык активисттерди жана жергиликтүү жамааттын жарандарын жыйынга чакырууга;
- коомчулукка, мамлекеттик органдарга, ЖӨБ органдарына алар комитетке берген сунуштарын, сын-пикирлерин жана башка кайрылууларын четке кагууда маалымдоого;
- мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына коомчулук менен өз ара аракеттенүүгө көмөк көрсөтүүгө;
- комитеттин белгилүү бир чыгымдарын каржылоо үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган каражаттарды тартууга.

**ЖК мүчөлөрү байкоочулар катары катышууга укуктуу:**

- мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча жыйналыштарына;
- мамлекеттик органдар жана алардын түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан өткөрүлүүчү башка иш-чараларга.

# ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН САКТОО ЖАНА КОРГОО БОЮНЧА ЖЕРГИЛИКТҮҮ КОМИТЕТТЕРИНИН ПРАКТИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

## Жергиликтүү комитетти түзүү

Жергиликтүү комитетти түзүүнүн зарылчылыгы жөнүндө маселе калктын максималдуу катышуусу менен өткөрүлүүчү иш-чараларда, мисалы, айыл тургундарынын чогулушунда же мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, жергиликтүү кеңештердин депутаттары, жергиликтүү активисттер ж.б. менен жолугушууда коюлушу мүмкүн. Талкуунун жыйынтыгын протокол түрүндө жазып алып, аны мэриянын, ЖӨАБ органдарынын өкүлүнө жана ЖӨАБдын башчысына берүү маанилүү.

| |
|---|
| **Стандарт 3. Жергиликтүү комитетти түзүү коомчулуктун катышуусу менен ишке ашат** |

Күн тартибинде мыйзам ченемдери, үй-бүлөлүк зомбулук боюнча кырдаалга сереп салуу, жергиликтүү комитеттердин максаты жана милдеттери камтылууга тийиш. Талкуу үчүн төмөнкү суроолор да коюлушу керек:

- ЖК мүчөлөрү үчүн тандоо критерийлери кандай?
- Канча жергиликтүү комитет түзүлөт?
- Ар бир комитетте канча адам болушу керек?
- Субъекттердин өкүлдөрүнүн кайсынысы ЖКга киргизилиши керек?
- Төрага кантип шайланат?

ЖК мүчөлөрүн тандоо критерийлерин карап чыгуу  сунушталат, мындай критерийлер төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

- үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүү боюнча милдеттенме;
- үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулук менен байланышкан укук бузууларды жана кылмыштарды жасагандыгы үчүн жоопкерчиликке тартуу фактыларынын жоктугу.

**Маанилүү!**
Жергиликтүү комитеттин курамын түзүүдө талапкерлердин кызматына, статусуна эмес, алардын жардам берүүгө болгон каалоосуна көңүл буруу зарыл. Үй-бүлөлүк зомбулук маселесин чечүүгө чындап даяр адамдар эң мыкты талапкерлер болот. Сиз ошондой эле жамааттын активдүү мүчөлөрүн негизги командага кошпостон, волонтер катары тарта аласыз. Убакыттын өтүшү менен алар комитеттин мүчөсү болуп калышы мүмкүн.

Даярдоо стадиясында алдын ала жумушчу кеңешме өткөрүшү керек.

- ЖК түзүү пландарын талкуулоо;
- Мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрү менен өз ара аракеттенүүнүн формаларын макулдашуу;
- Райондун/шаардын аймагындагы жарандарды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча иш планына жергиликтүү комитеттердин ишин киргизүү.

Кыргыз Республикасынын  «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 27-беренесине ылайык, мыйзамда белгиленген тартипте үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын комплексин ишке ашыруу жергиликтүү маанидеги маселелердин бири болуп саналат. Ушуга байланыштуу чечим кабыл ала турган жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары (мэриялар, айыл өкмөттөрү) ЖК түзүү демилгесин көтөрүүгө милдеттүү. Мэрия же айыл өкмөтү жергиликтүү комитеттин тиешелүү буйругун жана жобосун кабыл алышы керек, анда комитет кандай иштээри аныкталат.

Мамлекеттик органдар тарабынан бекитилген типтүү жобо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан өздөрүнүн Жобоосун даярдоонун үлгүсү болуп саналат. Аны иштеп чыгуу процессинде ЖӨАБ органдары керектүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизе алат. Мисалы, ЖКны түзүүнүн тартиби, иш ыкмалары боюнча.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын жетекчисинин тескеме (1-тиркеме) төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

- комитеттин мүчөлөрү тарабынан шайланган төрагасы жана катчысы аныкталган ЖКнын курамын бекитүү жөнүндө;
- тескеменин аткарылышы үчүн жоопкерчиликти жүктөө жөнүндө;
- иш-чаралардын аткарылышы боюнча отчёт берүү жөнүндө.

## Ишти пландаштыруу

**Маанилүү!**

«Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары (мэриялар, айыл өкмөттөр)[1] үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча программаларды иштеп чыгышат жана ишке ашырышат, кабыл алынган программалардын натыйжалуулугуна жана жемиштүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү жана баалоону ишке ашырат.

Өз кезегинде жергиликтүү кеңештер (шаардык, айылдык) аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын алкагында үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча иш-чараларды бекитет жана ишке ашырат жана жергиликтүү бюджетте үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча тийиштүү программаларды ишке ашыруу жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону камсыз кылууга каражаттарды карайт.

Жергиликтүү комитеттердин иши аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларына кирет. Пландоодо ЖК мүчөлөрү учурдагы программага таяна алышат же жалпы программага киргизүү үчүн ЖӨБ органдарына өздөрүнүн иш планын сунуштай алышат, ал эми жергиликтүү кеңештер өз кезегинде бул ишке каражат бөлүүгө тийиш.

Жергиликтуу комитет өзүнүн милдеттерин натыйжалуу орундатышы үчүн иш планын түзүүсү зарыл. Планды иштеп чыгуу ЖКнын төрагасы тарабынан демилгеленүүгө тийиш. План ЖКнын жыйналышында анын бардык мүчөлөрүнүн катышуусу менен түзүлөт, ал бир жылдан кем эмес мөөнөттү камтышы керек.

ЖК үчүн иш планын иштеп чыгуу үчүн, адегенде:

1) Белгилүү аймактагы үй-бүлөлүк зомбулук боюнча кырдаалды карап чыгуу үчүн маалымат чогултуу (координациялык кеңешмелерге катышуу же ЖӨАБдын башчысынын маалыматы же МУЫнүн отчеттору аркылуу):
    - мамлекеттик органдардын статистикалык маалыматтары (булактар: координациялык кеңешмелер, РИИБ/ШИИБ, МУЫнүн отчеттору, прокуратура, социалдык өнүгүү, саламаттыкты сактоо, билим берүү), мисалы:

[1] 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 63 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренеси

  - үй-бүлөлүк зомбулук үчүн берилген убактылуу коргоо ордерлеринин саны;
  - үй-бүлөлүк зомбулуктун натыйжасында жасалган укук бузуулардын жана кылмыштардын саны;
  - башкаларга караганда саны тезирээк өсүп жаткан үй-бүлөлүк зомбулуктун эң кеңири таралган түрлөрү;
  - үй-бүлөлүк зомбулукка көбүрөөк дуушар болгон калктын топтору (жынысы, курагы, улуту боюнча);
  - үй-бүлөлүк зомбулук жасаган жана "үй-бүлөлүк мушташ" катары каттоодо турган адамдар жөнүндө;
  - медициналык жардам алуу үчүн саламаттык сактоо уюмдарына кайрылган адамдардын саны (жынысы, жашы, улуту боюнча);
  - үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча социалдык өнүктүрүү органдарында каттоодо турган адамдардын саны (жынысы, жашы, улуту боюнча);
  - жабыр тарткан жана билим берүү мекемелеринде катталган адамдардын саны (жынысы, жашы, улуту боюнча);
- өзүн-өзү талдоо үчүн маалыматтар. ЖК мүчөлөрү калктын өз категорияларына кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондуктан, алар кырдаалга башкача көз караашты чогулта алышат: жаштар, аялдар, мамлекеттик структуралардын өкүлдөрү, айрым көчөлөрдүн жана кварталдардын жашоочулары ж.б. Аялдардын, балдардын укуктарын коргоо, үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун алдын алуу багытында облуста иш алып барган уюмдардан консультация алуу аркылуу кошумча маалыматтарды чогултса болот.

**Маанилүү!**
Практика көрсөткөндөй, расмий статистика дайыма эле үй-бүлөлүк зомбулук, ошондой эле башка кылмыштар жана укук бузуулар боюнча реалдуу кырдаалды чагылдыра бербейт. Көбүнчө үй-бүлөлүк зомбулуктун жана башка зомбулуктун түрлөрүнөн жапа чеккендер милицияга арыз менен кайрылышпайт, бирок кризистик борборго, аксакалдар сотуна, аялдар кеңешине же медициналык жардам сурап кайрылышат.

Коомчулугуңуздагы көйгөйдүн масштабын түшүнүү үчүн ар кандай булактардан маалыматтарды сурап, ошондой эле талдоо үчүн өзүңүздүн маалыматтарыңызды чогултушуңуз керек.

Чогултулган маалыматтар, анын ичинде бул чөйрөдөгү эксперттердин пикири үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйүн чечүү жаатындагы коомчулуктун муктаждыктарын көрсөтүп, төмөнкү суроолорго жооп берет:

- Пландоо мөөнөтү үчүн кайсы багыт көбүрөөк артыкчылыктуу болот? (Мисалы, балдарга карата үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу же жабыр тарткан аялдарга жардам берүү?)

- Үй-бүлөлүк зомбулук жасагандардын кандай категориялары аныкталган?
- Кайсы категориядагы жабырлануучулар менен иштөө керек?
- Кандай жооп кайтаруу жана алдын алуу ыкмаларын колдонуу керек?
- Аймакта кандай тейлөө жана жардам көрсөтүүчүлөр иштейт?
- Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууга субъекттердин кайсынысы тартылышы керек?

Кийинки кадам артыкчылыктуу багыттарды аныктоо болуп саналат. Конкреттүү иш-аракеттерди иштеп чыгып, жооптуу тараптарды аныктоо керек. План жазуу жүзүндө түзүлүшү керек. Пландын үлгүсү 2-тиркемеде келтирилген.

**Стандарт 4. Жергиликтүү комитеттердин иши ЖКнын бардык мүчөлөрүнүн катышуусу менен иштелип чыккан пландын негизинде жүргүзүлөт.**

**Маанилүү!**

Сиз оңой көзөмөлдөй ала турган анча чоң эмес, жетүүгө мүмкүн болгон максаттарды жана милдеттерди аныктагыла. Ошондой эле, аларды ишке ашыруу үчүн жетиштүү ресурстар жана убакыт болушу керек экенин эсиңерден чыкпагыла.

Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук көйгөйүн бир күндө чечүү мүмкүн эмес, бул үчүн көп убакыт керек. Кичинекей, бирок ойлонулган жана ырааттуу кадамдарды жасасаңыз, чоң натыйжаларга жетише аласыз.

ЖКнын ар бир мүчөсү маселенин маңызын түшүнүүгө жана акыркы маалыматтарга ээ болууга умтулушу керек. Ушул максатта ЖКнын мүчөлөрү өздөрүнүн пландарына иштин жана кабыл алынган чечимдердин сапатын жогорулатууга багытталган окуу чогулуштарын киргизүү максатка ылайыктуу. Бул төмөндөгүлөр үчүн зарыл:

- ЖК мүчөлөрүнүн үй-бүлөлүк зомбулуктун мүнөзүн жана түрлөрүн жакшыраак түшүнүүсү;
- ЖК мүчөлөрүнүн үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу маселелери жана ыкмалары боюнча маалымдуулугун жогорулатуу;
- «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жоболорун үйрөнүү;
- ЖК мүчөлөрүнүн ЖКнын функциялары жана үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучулар менен иштөө стандарттары боюнча потенциалын жогорулатуу;
- кылмыш-жаза мыйзамдар чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөр жөнүндө маалымат алуу;
- жабырлануучуларга жардам көрсөтүү жана үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу үчүн субъекттердин ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн практикалык ыкмалары боюнча көндүмдөрдү алуу.

ЖК мүчөлөрүнүн потенциалын жогорулатуу үчүн ЖК төрагасы мүчөлөрүнүн арасынан үй-бүлөлүк зомбулук маселелери боюнча тренингдерди өткөрүүгө жөндөмдүүлүктөргө жана жөндөмгө ээ болгон ички ресурстарды аныктоосу керек. Ошондой эле ЖК мүчөлөрү

үчүн тематикалык сессияларды өткөрүү үчүн тышкы ресурстарды колдонуу жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жаатында жооптуу субъекттерден жардам суроо маанилүү.

**Стандарт 5. Жергиликтүү комитеттер ички жана тышкы ресурстарды пайдалануу менен өздөрүнүн потенциалын дайыма жогорулатып турушат**

## Жергиликтүү комитеттердин ишинин тартиби

ЖКнын мүчөлөрү маалымат алмашуусу, кырдаалды чогуу талдоо жана биргелешип чечим кабыл алуу үчүн ЖКнын жыйындарын үзгүлтүксүз (айына бир жолудан кем эмес) өткөрүү сунушталат. ЖКнын жыйналыштары ЖКнын төрагасы же ЖКнын башка мүчөлөрү тарабынан демилгеленет. ЖКнын бардык жыйналыштары катталат, кабыл алынган бардык чечимдер протоколго алынат. Протоколго ЖКнын төрагасы жана жооптуу катчысы кол коет.

Ай сайын жолугушуулар конкреттүү тапшырма менен өткөрүлүшү керек, мисалы, пландын аткарылышын көзөмөлдөө же талкуулоо:

- үймө-үй кыдыруу алкагында жабыркагандарды аныктоо боюнча иш-чаралардын натыйжалары;
- маалымат берүү/кабыл алуу же үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларды кайра багыттоо процесси;
- маалымат иштерин жүргүзүү;
- жергиликтүү деңгээлдеги мамлекеттик органдардын кийлигишүүсүн талап кылган үй-бүлөлүк зомбулуктун айрым учурлары ж.б.

Кырдаалга тез арада жооп кайтаруу жана шашылыш чараларды көрүү зарыл болгондо ЖКлар өзгөчө кырдаал режиминде да иштей алышат. Бул үчүн шашылыш байланыштын жолдорун талкуулоо жана орнотуу, арсеналда болуу жана зордук-зомбулук болгон учурда жооп кайтаруунун бардык жолдорун колдонуу маанилүү. Шашылыш жыйындар толук эмес курамда өткөрүлүшү мүмкүн.

**Стандарт 6. Жергиликтүү комитеттер бардык маалыматка ээ болуу жана жабырлануучуларга сапаттуу жардам көрсөтүү үчүн ЖКнын ичинде да, башка тараптар менен да туруктуу байланышта болушат**

Үй-бүлөлүк зомбулук фактыларына чара көрүү үчүн ЖКнын мүчөлөрү үй-бүлөлүк зомбулук фактылары жөнүндө бири-бирине токтоосуз билдирүүгө милдеттүү:

| ОВД | УСР | Балдарды коргоо органдары | саламаттык сактоо | Билим берүү |
|---|---|---|---|---|
| үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандар жөнүндө, жабырлануучунун өзүнүн макулдугу менен (жашы жете электердин жана аракетке жөндөмсүз жабырлануучулардын макулдугу талап кылынбайт) | социалдык колдоого муктаж болгон жабырлануучулар жөнүндө | үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыгы болгон жашы жетпегендер жөнүндө | медициналык жардамга жана медициналык реабилитацияга муктаж болгон жабырлануучуларга | жабыр тарткан студенттер жөнүндө |

ЖКнын ишинин натыйжалуулугун жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн аныкталган көйгөйлөрдү чечүүдө көз каранды болгон мамлекеттик органдар менен үзгүлтүксүз кызматташууну түзүү жана жоoптуу адамдарды тартуу маанилүү. Кошумча ресурстарды, жардамдарды жана кызматтарды көрсөтө ала турган бейөкмөт уюмдар менен өнөктөштүк мамилелерди түзүү да маанилүү. Байланыштарды түзүү ЖКнын мүчөлөрүнүн маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат. Жооп берүү процессин тездетүү үчүн ЖК мүчөлөрүнүн карталары же эскертмелери (3-тиркеме) болушу мүмкүн, алар сизге өзгөчө кырдаалда тез багыттоого жардам берет.

**Стандарт 7. Жергиликтүү комитеттерде маалыматты жабыр тарткан адамга тез арада өткөрүп берүү үчүн жардам бере турган бардык кызматтардын байланыштары бар**

### *Профилактикалык иш*

Калк менен профилактикалык жолугушууларды өткөрүү үчүн планга ылайык, ЖКнын төрагасы жооптуу катчынын жетекчилиги астында калк менен жолугушуунун датасын аныктоого, жолугушуунун планын түзүүгө жана ЖКнын ар бир мүчөсүнүн ортосунда маалыматтык темаларды бөлүштүрүүгө тийиш.

Мисалы, жолугушуулардын бири үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйү тууралуу маалымат берүүгө арналышы мүмкүн. Үй-бүлөлүк зомбулук жасагандыгы үчүн мыйзамдар жана жоопкерчилик жөнүндө ички иштер башкармалыгынын кызматкери, юстициянын, АЮЖБнун же адвокатуранын өкүлү айтып бере алат. Медицина кызматкери балдардын, аялдардын жана кары-картаңдардын ден соолугуна үй-бүлөлүк зомбулуктун кесепеттери жөнүндө айта алат. Дагы бир жолугушуу жардам көрсөтүү кызматтары жөнүндө маалымат берүүгө багытталган болушу мүмкүн: МУЫ ИИБдин функциялары жөнүндө, медициналык кызматкер медициналык жардам көрсөтүү жөнүндө маалымат берет; ӨЭУ кызматтары жөнүндө - кризистик борборлордун өкүлү, социалдык жардамдын түрлөрү жөнүндө - социалдык кызматкер маалымат берет.

*Үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган адамдарды аныктоо*

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабырлануучуларды аныктоонун бир нече ыкмалары аныкталган[2]:

1) Биргелешкен үймө-үй кыдыруу: үймө-үй кыдыруу графиги жана бөлүмдөр боюнча жооптуу адамдардын тизмеси ЖКнын жыйынында түзүлөт жана анын иш планына киргизилип бекитилет;
2) Тобокел тобундагы үй-бүлөлөргө чогуу баруу: үй-бүлөлөрдүн тизмеси ЖКнын мүчөлөрү (социалдык кызматкер, милиция кызматкери, социалдык педагог жана башка маалыматы бар мүчөлөр) тарабынан берилет, топтор жана баруу графиги түзүлөт;
3) Жергиликтүү комитеттердин бардык мүчөлөрү өз ишинин жүрүшүндө жекече профилактикалык иштерди жүргүзүү;
4) Тобокелдик топторун изилдөө - жашы жете элек балдар, карылар, инвалиддүүлүгү менен адамдар, аракетке жөндөмсүздөр, багууда тургандар.

*Үй-бүлөдөгү зомбулукка реакция кылуу*

**Маанилүү!**
**Профилактикалык иштердин жүрүшүндө же түздөн-түз жардам сурап кайрылганда зомбулуктан жабырлануучуларды аныктоодо төмөнкү стандарттарды жана эрежелерди сактаңыз:**

- Маектешүү өзүнчө бөлмөдө социалдык кызматкер менен жалгыз өткөрүлүшү керек. Башка адамдардын болушу жабырлануучу буга макул болгондо гана мүмкүн болот;
- Үй-бүлөлүк зомбулукту жасаган адамдын, балдардын же башка үй-бүлө мүчөлөрүнүн катышуусунда зомбулук болгон окуя боюнча суроо берүүгө тыюу салынат;
- Эсиңизде болсун, сиз менен байланышка чыккандар көбүнчө стресс же шок абалында болушат, ошондуктан аларга болгон зордук-зомбулукка жана анын мүмкүн болуучу кесепеттерине адекваттуу баа берүү кыйынга турат. Үй-бүлөлүк зомбулук кырдаалында болуунун бардык мүмкүн болуучу кесепеттерин түшүндүрүү, укуктары, ошондой эле зомбулук көрсөткөн адамга каршы мүмкүн болуучу чаралар жана жардамдын түрлөрү жөнүндө маалымат берүү;
- Сабырдуу болуңуз жана кризис учурунда жабырлануучулар үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга карата карама-каршы сезимдерге ээ болушу мүмкүн экенин унутпаңыз. Алардын тынчсыздануулары кунт коюп угуп, алардын сезимдери негиздүү экенине ишендириңиз;
- Стресс учурунда жабырлануучулар сизге ишенбей калышы мүмкүн экенин унутпаңыз. Аны жеке кабыл албаңыз;
- Аткара албаган нерсеңизди убада кылбаңыз. Бул андан да оор кесепеттерге

[2] Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин 2019-жылдын 25-октябрындагы № 133 жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин 2019-жылдын 25-октябрындагы № 917 “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жаатындагы социалдык өнүктүрүү органдарынын, балдарды коргоо органдарынын ички иштер органдары менен өз ара аракеттенүү тартиби жөнүндө нускамаларды бекитүү тууралуу” биргелешкен буйругу

алып келет;

- Жабыр тарткандар менен бирдей тилди колдонуңуз; эгерде жабырлануучулар сиздикинен башка тилде сүйлөсө, мүмкүн болсо, ошол тилде сүйлөгөн кызматкерди жардамга чакырыңыз;
- Маалымат купуялуу бойдон калаарын түшүндүрүңүз жана ага купуялыкка коюлган бардык чектөөлөр жөнүндө маалымат бериңиз;
- Баарлашуу процессинде телефондук сүйлөшүүлөргө алаксыбаңыз;
- Вербалдык эмес баарлашууну колдонуңуз, сиздин турганыңыз жана колуңузду жана башыңызды кармаганыңыз, мимикаңыз жана үнүңүздүн тону баары бирге кырдаалды кандай кабыл алып жатканыңызга так белги берет;
- Эсиңизде болсун, көп учурда жабырлануучулар мыйзамдарды билишпейт, алар үчүн юридикалык тилди түшүнүү жана баарын эстеп калуу кыйынга турат. Мүмкүн болсо, колдонуудагы коргоо механизмдери жана жардам көрсөтүү кызматтары жөнүндө маалымат камтылган буклет бериңиз;
- Укуктар жөнүндө маалымат берүүдө аларды дароо ишке ашырууну талап кылбаңыз. Шашпаңыз, кырдаалды баалоого жардам бере турган маалыматты сунуштаңыз жана өзүңүздүн укуктарыңыздан пайдалануу же колдонбоо жөнүндө чечим кабыл алууга мүмкүнчүлүк берет;
- Жабыркаган адамдын коопсуздугу жөнүндө кооптонуп жатсаңыз, ачык айтыңыз. Жабырлануучуларга каршы коркутууларды (анын ичинде өлтүрөм деген коркутууларды) кылдат жана өтө олуттуу кабыл алыңыз. Анкета боюнча зомбулуктун күчөшүнүн деңгээлин баалаңыз (5-тиркеме);
- Шашылыш артыкчылыктуу муктаждыктарын карап чыгуу. Кооптуу кырдаал жаралса, социалдык чөйрөнүн ресурстарын, мүмкүнчүлүктөрүн баалоону сунуштаңыз же баш калкалоо жайын издөөнү сунуштаңыз.

Үй-бүлөлүк зомбулук фактылары жөнүндө маалыматты ар кандай булактардан алуу мүмкүн:

- үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө кабарлаган адамга билдирүү;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону камсыз кылуучу субъекттердин кайрылуулары;
- Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин туруктуу иштеп жаткан "Система-112" Бирдиктүү мамлекеттик нөөмөт-диспетчердик кызматынан алынган маалыматтар;
- «Балдар үчүн ишеним телефону – 111» кызматкерлеринен алынган маалымат;
- жалпыга маалымдоо каражаттарынан же интернет булактарынан алынган маалымат;
- телефон аркылуу.

Жабырлануучу үй-бүлөлүк зомбулукка кабылып жаткандыгы жөнүндө телефон аркылуу анонимдүү түрдө билдирген учурда, ЖК мүчөсү аны жардам сурап кайрылууга түрткү бериши керек жана үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандарга жардам көрсөткөн башка субъекттер жөнүндө маалымат берүүгө тийиш.

ЖКнын мүчөлөрүнө  бардык кайрылуулар, анын ичинде. телефон чалуулар атайын чалууларды реестринде катталууга тийиш (4-тиркеме). Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына үй-бүлөдөгү зомбулуктун фактылары жөнүндө

алардын аймагындагы үй-бүлөлүк зомбулуктар жөнүндө маалыматтарды эсепке алуу үчүн 24 сааттын ичинде маалымдалат.

Мүчөлөр алган маалыматтын булактары тууралуу маалымат ачыкталбайт. Жабырлануучулардын жакын туугандарына же тааныштарына ЖКнын мүчөлөрү тарабынан жабырлануучулардын өздөрүнүн макулдугу менен билдирилет.

ЖКнын мүчөсү үй-бүлөлүк зомбулук фактысы жөнүндө маалымат алгандан кийин жабырлануучуга жардам (өз компетенциясынын чегинде), жабырлануучунун аны алууга макулдугун берген шартта гана көргөзүлөт.

Маалыматтык жана консультациялык юридикалык жардам негизги укуктар жана жеткиликтүү мүмкүнчүлүктөр жөнүндө маалымат берүүнү камтыйт, мисалы:

1) **Жардамдын ар кандай түрлөрүн алуу укугу:**

- мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде, ошондой эле социалдык тейлөө мекемелеринде: консультациялык-профилактикалык борборлордо (кризистик борборлордо), баш калкалоочу жайларда, ошондой эле башка жерлерде укуктук, социалдык, медициналык, психологиялык жардам жана үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоону алууга өз компетенциясынын чегинде мекемелер;
- коопсуз убактылуу жашоо үчүн баш калкалоочу жайда (мамлекеттик, муниципалдык же КБ) жайлар. Баш калкалоочу жайда болуу баш калкалоонун бекитилген эрежелерине ылайык келишимдин шарттарында акысыз жүргүзүлөт;
- билим берүүнүн, кесиптик даярдоонун жана кайра даярдоонун, ишке орноштуруунун жана социалдык реабилитациянын башка формаларынын мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат алууга;

2) **Ички иштер бөлүмүнө кайрылууга укугу бар**

- ички иштер органдарына үй-бүлөлүк зомбулук фактысы же аны жасайм деп коркутуу жөнүндө арыз берүүгө;
- ички иштер органдарында үй-бүлөлүк зомбулук фактысы жөнүндө арызынын негизинде убактылуу коргоо ордерин алууга;
- убактылуу коргоо ордеринин мөөнөтүн узартуу үчүн ички иштер бөлүмүнө арыз берүүгө;
- убактылуу коргоо ордери узартылган күндөн тартып үч күндүн ичинде үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча социалдык өнүктүрүү органдарынын аймактык бөлүмүнө жана башка субъекттерине билдирүүгө ички иштер бөлүмүнө макулдук берүүгө;
- убактылуу коргоо ордерин берүүдөн баш тартууга же узартууга белгиленген тартипте ички иштер бөлүмүнө (инстанциядагы), прокуратурага же сотко даттанууга;
- убактылуу коргоо ордеринин шарттары, аны берүүнүн/жаңыртуунун тартиби жана убактылуу коргоо ордеринин шарттарын контролдоо жөнүндө маалымат алууга;

- зомбулук жасаган адамды юридикалык жоопкерчиликке тартуу үчүн ички иштер бөлүмүнүн аймактык бөлүмүнө кайрылууга;

3) **Сот органдарына кайрылууга укуктуу**

- төмөнкү талаптардын бири же бир нечеси менен сотко доо арызы менен кайрылууга:
    - зордуктаган адамды чогуу жашаган жеринен 1 айдан 6 айга чейинки мөөнөткө убактылуу чыгаруу;
    - 1 айдан 6 айга чейинки мөөнөткө жашы жете элек балдар менен байланышта болуу жагынан зордукчунун ата-энелик укуктарын чектөө;
    - зордуктаган адамды жарандык мыйзамдарга ылайык аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген деп таануу;
    - жарандык жана үй-бүлөлүк мыйзамдарда каралган башка талаптар.

Эгерде ЖКнын мүчөсү **балдарга карата үй-бүлөлүк зомбулук фактысын** аныктаса, ЖКнын мүчөсү бул тууралуу **жабырлануучунун макулдугусуз** (жыйырма төрт сааттын ичинде) балдарды коргоо боюнча аймактык ыйгарым укуктуу органга жана ички иштер органдарына билдирет. Өз кезегинде ички иштер органдары жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган дароо окуя болгон жерге барышат.

Ата-энелер же үй-бүлө мүчөлөрүнө теңештирилген адамдар тарабынан балдарга карата кылмыш (зордуктоо, бузуку аракеттер, сексуалдык зомбулук, ден-соолукка зыян келтирүү) жөнүндө маалымат келип түшкөн же аныкталган учурда ЖКнын мүчөсү маалыматты ички иштер органдарына жана прокуратурага берет.

Криминалдык мүнөздөгү жаракат алган аялга карата үй-бүлөлүк зомбулук фактысы жөнүндө маалымат келип түшкөндө же аныкталганда ЖКнын мүчөсү ички иштер органдарынын кызматкерлерине билдирет.


Жабырлануучу жардамдын башка түрлөрүн алууга муктаж болсо, анда жабырлануучу ЖК мүчөсү тарабынан компетенциясына жабырлануучуга зарыл болгон жардамды көрсөтүү кирген субъектке жөнөтүлөт. Жабырлануучу жиберилген субъект кайрылган учурдан тартып бир нече күндүн ичинде ЖКнын жиберген мүчөсүнө жөнөтүлгөн жабырлануучуга жардам көрсөтүлгөн-көрсөтүлбөгөндүгү жөнүндө билдирүүгө милдеттүү.

**Стандарт 8. Жергиликтүү комитеттер жардам көрсөтүү үчүн, эгерде алар мындай жардамды өз алдынча көрсөтө албаса, жолдомо системасын колдонушат**

ЖКнын ар бир мүчөсү жабыркаган адам менен байланышканда окуяны угушу керек (телефон аркылуу же жекеме-жеке) жана жабырлануучунун дароо коркунучта экенин же жок экенин билиши керек (5-тиркемеге ылайык):

**1-вариант. Түздөн түз коркунучтун жаралуу кооптуулугу:**

- Жабыркаган адамдын кооптуу абалдан чыгуу мүмкүнчүлүгүн аныктоо жана мүмкүн болуучу аракеттер боюнча көрсөтмө берүү (терезени сындыруу, жардам чакыруу, милиция келгенге чейин жашынуу, дароо чуркоо ж.б.).
- Окуя болгон жерге ыкчам-тергөө тобун жөнөтүү үчүн дароо милицияга кабарлоо. Кырдаалга жараша, кошумча маалымат МУЫнө берип, тез жардам жөнөтүү.
- Жабырлануучуларга алгачкы 72 сааттын ичинде алардын жарааттарын фиксация кылуу зарылчылыгы жөнүндө кабарлаңыз.
- Милиция жана башка жардам кызматтарынын келишин/келүүсүнүн жыйынтыгын көзөмөлдөө.
- Жабыркаган адамдын баары жакшы экенине ынануу үчүн аны кайра чалып кабарлашсаңыз болот.




**2-вариант. Бетме-бет сүйлөшүүдө же чалуу учурунда түздөн-түз коркунуч жок:**

1. Жабырлануучу эмне үчүн сиз менен байланышканын билип алыңыз:
   - өзүнүн кооптонууларын бөлүшкүсү келет;
   - эмнени өзгөртүүгө болорун билгиси келет;
   - кимдир бирөө агрессорду жазалашын каалайт;
   - аны ким аныктай ала тургандыгы жөнүндө маалымат алууну каалайт.

2. Мотивине жараша консультацияны төмөнкүлөргө багыттаңыз:
   - бардык катышуучулардын жүрүм-турумун талдоо;
   - кызмат туурасында маалымат.

3. Зордук-зомбулук качан башталганын тактаңыз? Зордук-зомбулук аракеттери кандай формада болот: жазалоо (кандай?), коркутуу, шантаж, уруп-сабоо, сексуалдык зомбулук ж.б.

4. Суроо бериңиз: "Келгиле, кооптуу кырдаалда эмне кыла аларыңызды ойлонуп көрөлү", "Дагы эмне кылмак элеңиз?", "Сиз ишене ала турган кимдер бар?"Дагы ким жардам бере алат?", "Кайсыл жагдайда кайда бармаксыз?" коркунуч?

5. Келечектеги жашоо тууралуу жеке кеңештерди бербе, зомбулуктан жабырлануучуларды да, жасаган адамды да айыптаба.

6. Жабырлануучунун тандоосун урматтаңыз жана талап кылбаңыз, жабырлануучу өз алдынча чечим кабыл алышы керек.

7. Мыйзамдык коргоо чаралары, милициянын милдеттери, жардам кызматтары жөнүндө айтып бериңиз, кризистик борборлорго жана баш калкалоочу жайларга байланышыңыз, зомбулуктун кайталануу ыктымалдыгы тууралуу маалымат бериңиз, чалуу туура экенине ишениңиз, кайра чалсаңыз болот деп айтыңыз.

8. Милицияга кайрылуу үчүн эмне кылыш керек экенин айтыңыз. Эгерде сиз буга макулдук алсаңыз, зордук-зомбулук тууралуу маалыматты милицияга берүүгө даяр экениңизди билдириңиз.

9. Кризистик борбордун адисинен жардам алууну сунуштаңыз, эгер макул болгон учурда, телефон номерин кризистик борборго жөнөтүңүз (кризистик борбордун адиси абонентке кайра чалаарына ынануу керек) же кризистик борбордун адисинин телефон номерлерин бериңиз.

10. Жабыркаган адамдын ресурстарын табыңыз жана биргелешип "коопсуздук планын" иштеп чыгууну сунуштаңыз (6-тиркеме).

***Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандарга жардам***

**Стандарт 9. Жергиликтүү комитеттер жабыркагандарга ар тараптуу жардам көрсөтүшөт**

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандарга жардам көрсөтүү процесси ЖК мүчөлөрү тарабынан комплекстүү мамилеге негизделиши керек. Жабыркаган адам менен байланышкан ЖК мүчөсү ЖКнын бардык мүчөлөрүнүн аракеттерин координациялоого тийиш:

- Кризистик борбордун психологдору/социалдык кызматкерлер же социалдык өнүктүрүү органдарынын же айыл өкмөттөрүнүн/мэриянын ЖК мүчөлөрү:
  - учурдагы кырдаалды баалоого жардам берүү, баштапкы психологиялык жардам жана колдоо көрсөтүү;
  - баштапкы сурамжылоо жүргүзүү жана жабыр тарткан адамдын социалдык кызматтарды жана жардамдарды алуудагы негизги муктаждыктарын аныктоо;
  - жабырлануучунун андан аркы консультацияга жана жардамга муктаждыгын аныктоо;
  - зарыл болгон учурда жабырлануучуларды коопсуз жайга/баш калкалоочу жайга көчүрүүгө жардам көрсөтүү;
  - оор турмуштук кырдаалдан чыгуу үчүн ар тараптуу жардам көрсөтүү процессинде жабырлануучуларды социалдык жактан колдоого катышуу.

- Айыл өкмөтүнүн же ӨЭУ/ кризистик борбордун юристтери, адвокаттар, АЮЖБнун адистери:
  - юридикалык кеңеш берүү,
  - укуктук документтерди даярдоо (арыздар, доо арыздар, даттануулар ж.б.),
  - соттордо жана мамлекеттик органдарда үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен адамдын атынан өкүлчүлүк кылуу,

- Саламаттыкты сактоо уюмунун ЖК мүчөлөрү медициналык жардам көрсөтүүсү керек, амбулатордук же стационардык картага же Зордук-зомбулук документациясынын формасын толтуруп, бардыгын документтештириши керек. Андан ары ал жабырлануучунун ден соолугун сактоого, чыңдоого жана калыбына келтирүүгө багытталган медициналык кызматтардын комплекси жөнүндө маалымат берүүгө милдеттүү.

- Социалдык өнүктүрүү органдарынын социалдык кызматкерлери же айыл өкмөт/мэрия өкүлү, ӨЭУ/кризистик борбор менен бирдикте:
- ПИРС, анын ичинде социалдык коргоо чараларын түзүү[3];
- мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө мыйзамдарга ылайык зарыл документтерди жана социалдык жөлөкпулдарды алууга көмөк көрсөтүү;
- үй-бүлөлүк зомбулук фактылары аныкталган үй-бүлөлөр менен коомдук иштерди жүргүзүү;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабырлануучуларды кесиптик даярдоого/кайра даярдоого жана ишке орноштурууга көмөк көрсөтүү.

***Үй-бүлөлүк зомбулук менен иштөө сценарийинин мисалы***

*Кейс.*
*Курманбек – Айгеримдин күйөөсү (экинчи никесинде) физикалык зомбулукту көп колдонгон. Биринчи никесинен 5 жаштагы баласын дагы сабап, Айгерим уулун коргой баштаганда Курманбек кол салып, Айгеримди (10 жумалык боюнда бар) денесине жана башына казан менен, таяк менен сабап баштаган. Ал көпкө чейин ур-токмокко алгандан качып кутула албай, оозу-мурдунан кан агып кеткенде гана Курманбек бир секундга токтоп калган, ошондо ал, тун уулун ээрчитип качып кетүүгө үлгүргөн. Ал эми күйөөсү менен ортоңку 2 жашар кыз жана дагы 10 айлык кызы калган. Айгерим уулу менен кошунасына чуркап барышкан, ал ЖКнын мүчөсү - ФАПтын медайымына телефон чалган . Айгерим жардам сурап кайрылган жана милиция чакырган.*

Бул ишти мисал катары колдонуп, ЖК мүчөлөрүнүн мүмкүн болуучу иш-аракеттерин карап көрөлү:

1. Саламаттык сактоо уюмунун кызматкери - ЖК мүчөсү билдирүү алат, жабырлануучу менен тез жардамды чакыруу зарылдыгын, кризистик борбордун кызматкерлерине түшүндүрөт, үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча кайрылууларды каттоо журналына билдирүүнү каттайт;
2. Саламаттык сактоо уюмунун кызматкери үй-бүлөлүк зомбулук фактысы жөнүндө ИИБдин нөөмөт бөлүмүнө телефон аркылуу билдирүү жөнөтөт жана өз ара аракеттенүү үчүн өзүнүн байланыш номерлерин берет;

[3] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22-июнундагы No 391 токтому менен бекитилген Турмуштук оор кырдаалга кабылган балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоонун тартиби жөнүндө жобого ылайык

3. Жабырлануучу турган  жерге медициналык кызматкер келип, Айгеримге жана анын уулуна медициналык жардам көрсөтөт;
4. Келгенден кийин кризистик борбордун кызматкери - ЖК мүчөсү жабырлануучудан анын артыкчылыктуу муктаждыктарын тактайт. Жабырлануучу менен макулдашкандан кийин КБнын кызматкери ЖКнын мүчөсүн – айыл өкмөтүнүн өкүлүн, МУЫнүн жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын кызматкерин чакырат;
5. Үй-бүлөлүк зомбулук болгон жерге келген милиция кызматкерлери келгендиги жөнүндө саламаттык сактоо уюмунун кызматкерине жана жабырлануучуга маалымдайт;
6. ИИБ кызматкерлери:
   - үй-бүлөлүк зомбулук менен иштөө боюнча инструкцияга ылайык иш-чараларды жүргүзүүгө;
   - укук бузуучудан бейбаштык, зордук-зомбулук, коркутуп-үркүтүү жана мазактоо аракеттерин, коркутууларды, шантаждарды, ошондой эле жабырлануучуга карата башка мыйзамсыз аракеттерди токтотууну талап кылууга, укук бузуучуга физикалык күч колдонуунун кесепеттери жөнүндө эскертүүгө;
   - күбөлөр, балдар, үй-бүлөнүн башка мүчөлөрү жок болгон учурда ар кандай бөлмөлөрдө сурамжылоо жүргүзүү жөнүндө СӨБдүн  жана кризистик борбордун кызматкери менен талкуулоо.
7. Жабыркаган аял менен интервью өзүнчө бөлмөдө психолог же социалдык кызматкер менен жалгыз өткөрүлүшү керек. Адистер ага укуктар жөнүндө маалымат беришет, жабырлануучунун муктаждыктарын, анын алдына койгон максаттарын, коопсуздук маселелерин, жабырлануучуну социалдык жактан колдоо чөйрөсүн жана коопсуз жайдын зарылдыгын жана балдардын жайгашкан жери боюнча суроолорду аныкташат.
8. ЖК мүчөсү – социалдык кызматкер балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын кызматкери менен биргеликте Айгеримдин жаш кыздарын өткөрүп берүү боюнча протокол түзүүдө.
9. Арыз жазуу үчүн Айгерим балдары менен милиция кызматкерлери менен МБнө барат, ал эми ЖКнын мүчөсү, социалдык кызматкер ЖКнын мүчөсүн – АЮЖБ юристин МБнө  юридикалык жардам көрсөтүү үчүн чакырат. .
10. Коопсуз жай менен камсыз кылуу үчүн (жабырлануучу досу менен убактылуу жашоого ниетин билдирген) ЖКнын мүчөсү - социалдык кызматкер жабырлануучуну, анын балдарын, керектүү нерселерди башка айылга ташып кетүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө ЖКнын төрагасына кайрылат.
11. ЖК мүчөсү - социалдык кызматкер кризистик борбордун байланыштарын билдирет жана өткөрүп берет.
12. МБдө УУМ үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга 3 суткага убактылуу кармоо ордерин берет жана коргоо ордеринин шарттарын жана шарттардын сакталышын көзөмөлдөөнү түшүндүрөт. Жабырланууучуга да ордер берилип, МУЫ 30 күнгө узартуу мүмкүнчүлүгүн билдирет. Жабырлануучу үй-бүлөлүк зомбулук көрсөткөн жубайына чара көрүү үчүн арыз берет.

13. ЖК-адвокаттын мүчөсү жабырлануучуну Кылмыш-жаза кодексине ылайык, үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө ишти кароодо, арыз берүү процессинде коштоп жүрөт.
14. ЖК мүчөсү - социалдык кызматкер кризистик борбордун кызматкери менен бирге айыл өкмөтүнө коопсуз жерде жүргөн мезгилине бир жолку материалдык жардам көрсөтүү үчүн (2 жашы жете элек бала менен майыптыгына байланыштуу) арыз менен кайрылат).

### *Отчет берүү*

ЖКлар аткаруу бийлик органдарынын (мэриянын, айыл өкмөттөрдүн) жетекчилери тарабынан түзүлгөндүктөн, алар өз ишмердүүлүгүндө ЖӨАБ алдында отчет беришет.

«Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо  жана коргоо жөнүндө» КР мыйзамына ылайык, мэриялар жана айыл өкмөттөр өз аймагындагы үй-бүлөлүк зомбулук боюнча маалыматтардын эсебин жүргүзүүсү керек. Жергиликтүү комитеттер мындай маалыматтын булактарынын бири болуп саналат, ошондуктан ЖКнын төрагасы кырдаал жөнүндө жалпы маалыматты жергиликтүү бийликке жеткирүүсү зарыл. Бул 8-тиркемедеги шаблон боюнча жүргүзүлүүгө мүмкүн.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу өз кезегинде маалыматты жергиликтүү мамлекеттик администрацияга берет. “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, ЖӨАБ органдарына жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан алынган маалыматтарды чогултуу жана талдоо жүргүзүү жана ыйгарым укуктуу органга жыл сайын жыйынды отчет берүүгө ыйгарым укук берилген[4].

**Маанилүү!**
ЖКнын иш чөйрөсүндөгү зордук-зомбулуктун абалы жөнүндө маалыматты ЖӨАБ органына берүү өлкөнүн жалпы статистикасын түзүүгө маанилүү салым болуп саналат, бул маселе боюнча өкмөттүн чечимдери андан көз каранды болот.

Бирок, ЖК мүчөлөрү жабыркаган адамдар тууралуу маалыматты ачыкка чыгарууга укугу жок экенин унутпаңыз. Отчеттогу маалыматтар жабырлануучулардын жеке маалыматтарын, даректерин жана байланыштарын көрсөтпөстөн, жалпыланган түрдө гана берилүүгө тийиш. Булар арыз бергендердин саны, жынысы, жашы, социалдык абалы боюнча бөлүү; зомбулуктун түрлөрү жана көрүлгөн чаралардын түрлөрү жана башка маалыматтарбоюнча жалпы көрсөткүчтөр гана болушу мүмкүн.

ЖКнын отчёттуулугуна арыз бергендердин саны боюнча гана маалыматтар эмес, ошондой эле комитет тарабынан бекитилген планга ылайык кварталда кандай иштер аткарылгандыгы, анын ичинде профилактикалык иш-чаралар, үймө-үй кыдыруу ж.б.у.с. камтыйт.

[4] "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесинин 3 жана 8-пункттары

## Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабырлануучулар менен иштөөдөгү принциптер жана ыкмалар

**Стандарт 10. Жергиликтүү комитеттер өз ишинде купуялуулукту, коопсуздукту, маалымдуулукту, аң-сезимдүү тандоону камсыз кылуу принциптерин сакташат, ошондой эле басмырлоого жол бербейт жана жабырлануучулардын муктаждыктарын жетекчиликке алышат.**

Жогоруда баяндалган эрежелерден тышкары, ЖК мүчөлөрү өз ишинин жүрүшүндө үй-бүлөлүк зомбулуктан жабырлануучулар менен иштөөдө төмөнкү стандарттарды жана принциптерди кармануугa тийиш:

**Конфиденциалдуулук**

Купуялуулукту сактоо жабырлануучулардын коопсуздугун камсыз кылуу, андан аркы коркунучтарды жана/же зордук-зомбулукту болтурбоо жана жеке маалыматтардын жайылышын болтурбоо үчүн маанилүү чара болуп саналат. Конфиденциалдуулук ЖК мүчөлөрү тарабынан кызматтарды жана жардам көрсөтүүнүн бардык этаптарында сакталышы керек. Буга жабырлануучулардан сурамжылоо жүргүзүүдө үчүнчү жактардын келбей калышы, алардын жашаган жери жана жайгашкан жери тууралуу маалыматка жетүүнү чектөө ж.б. камтыйт.

Жашы жеткен жабырлануучулар үчүн купуя маалымат менен бөлүшүү кээ бир маалымат ЖКнын башка мүчөлөрү менен “зарылдык принцибинин” негизинде гана бөлүшүлүшү мүмкүн дегенди билдирет. Муну жабырлануучуга түшүндүрүп, ал кандай маалымат жана кимге берилээрин түшүнүшү керек. Жабырлануучулар жашы жете элек болсо, анда маалымат макулдуксуз берилет.

**Коопсуздук**

Жабырлануучулардын коопсуздугу сапаттуу кызматтарды көрсөтүүдө биринчи орунда турат. Коопсуздукту камсыз кылуу жабырлануучуларды мүмкүн болгон кылмышкерден дароо изоляциялоону жана алардын коопсуздугун баалоону, зарыл болгон учурда аларды коопсуз жайга жайгаштырууну камтыйт. Жабырлануучу аялга же балага карата кайталап зомбулук көрсөтүү коркунучун азайтуу үчүн кылмышкердин мүмкүн болуучу реакциясына баа берүү зарыл.

ЖК мүчөлөрү ички иштер органдарынын жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерлери менен бирдикте зордук-зомбулуктун коркунучу жогору болгон учурда коопсуздукту камсыз кылуу боюнча токтоосуз атайын чараларды көрүүгө, мисалы, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды (3 күндөн 7 суткага чейин) камакка алуу үчүн сотко өтүнүч жиберүү, .коопсуз жайга жеткирүүгө көмөк көрсөтүүгө ж.б. милдеттүү[5]. Коопсуздук принциби жабырлануучуларга кызмат көрсөтүүчү ички иштер органдарынын кызматкерлерине да тиешелүү.

Зордук-зомбулуктан жабыркагандардын коопсуздугуна баа берүү адам зордук-зомбулукка кабылдым деп билдирген учурда жүргүзүлүүгө тийиш. Бул үчүн мүмкүн болуучу коркунучтарды эске алуу, зордук-зомбулук аракеттерин жасоо мүмкүнчүлүгүн баалоо

[5] 2022-жылдын 1-декабрында күчүнө кирген Кылмыштар жөнүндө Кыргыз Республикасынын Кодексинин 70, 71-беренелери

жана милицияга кайрылгандан кийин жабырлануучулар кайра жабыркап калбашы үчүн чараларды көрүү зарыл. ЖК мүчөлөрүнүн өз коопсуздугун баалоо анын ишинин бир бөлүгү болушу керек.

**Маалымдуулук**

Жардам жана кызматтарды көрсөтүүчү ЖКнын мүчөлөрү жабырлануучуларга/балдардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө мыйзамдык коргоо чаралары, социалдык, медициналык, юридикалык кызматтарды алуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө маалымат берүүгө тийиш.

Сексуалдык зомбулуктан жабырлануучулар жана балдардын мыйзамдуу өкүлдөрү биринчи 72 сааттын ичинде жыныстык жол менен жугуучу инфекциялардын, ВИЧ-инфекциясынын жана каалабаган кош бойлуулуктун профилактикасы саламаттык сактоо уюмдарында жүргүзүлүп жаткан жана акысыз жүргүзүлүп жаткандыгы жөнүндө маалымдалууга тийиш. Жабырлануучуларга/балдардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө психологиялык, юридикалык жардам жана убактылуу жашоо кызматтары боюнча адистештирилген борборлорго кайрылуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө да маалымат берилиши керек.

**Укуктарга негизделген мамиле**

Сапаттуу кызматтарды көрсөтүүгө укукка негизделген мамиле мамлекет өзүнүн бардык органдары аркылуу аялдардын жана балдардын укуктарын урматтоого, коргоого жана аткарууга милдеттүү экенин тааныйт. Аялдарга жана балдарга карата зордук-зомбулук алардын адам укуктарынын, анын ичинде ден соолук, өнүгүү жана коркуу жана зордук-зомбулуксуз жашоо укугунун негизги бузулушу болуп саналат. Укуктарга негизделген мамиле – бул аялдардын жана балдардын коопсуздугун жана жыргалчылыгын камсыз кылуу жана аларга урмат, сый жана сезимталдык менен мамиле кылуу. Ал ошондой эле жеткиликтүү кызматтардын эң жогорку стандартына умтулууга түрткү берет.

**Дискриминацияга жол бербөө жана маданий өзгөчөлүктөрдү кармоо**

Кызмат көрсөтүүдө жана жардам көрсөтүүдө бардык жабырлануучуларга бирдей мамиле жасалышы керек. Практикада бул принцип өтө көп бузулат, анткени көп учурларда кызмат көрсөтүүчүлөр стереотиптүү субъективдүү кабылдоолорду жетекчиликке алып, зордук-зомбулукка дуушар болушуна аялдар жана балдар өздөрү күнөөлүү деп эсептешет.

**Аң-сезимдүү тандоо**

Ар кандай аракет жабырлануучуга же баланын мыйзамдуу өкүлүнө анын зарылчылыгы, мазмуну жөнүндө маалымдалгандан кийин жана алардан анын бул аракетти ишке ашырууга маалымдалган макулдугу алынгандан кийин гана жүргүзүлүүгө тийиш.

**Зордук-зомбулукка кабылгандардын муктаждыктарына артыкчылык берүү**

Жабыркаган аялдардын, балдардын жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн муктаждыктарын эске алуу маанилүү. Бул алардын каалоолорун баалоо, укуктарын жана кадыр-баркын сыйлоону камтыйт. Жардам сурап жаткандардын муктаждыктарына негизделген кызматтарды көрсөтүү зыянды азайтуу жана андан кийин калыбына келтирүү үчүн жагымдуу чөйрөнү түзүүнүн эң жакшы ыкмасы болуп саналат. ЖК мүчөлөрү зомбулуктан аман калгандарга тобокелдиктерди жана алардын аялуу жактарын эске алган чечимдерди кабыл алууда колдоо көрсөтүшү керек.

## 1-тиркемеси. Жергиликтүү комитетти түзүү тескеменин үлгүсү

**Кыргыз Республикасы**
**___________ облусу**
**__________ району**
**_______ айыл окмоту/мэрия**

**Кыргызская Республика**
**_______________ область**
**__________ район**
**___________ айыл окмоту/мэрия**

**Тескеме**

**Распоряжение**

________________№______

_________ айылы/шаары

село/город ________

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жергиликтүү комитет түзүү жөнүндө**

«Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-берененин 2-бөлүгүнүн 6-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-августундагы №390 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо тартиби жөнүндө» токтомуна, Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкару иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин 2020-жылдын 13 мартындагы №40 жана №01-18/35 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттер жөнүндө Типтүү жобону бекитүү жөнүндө» биргелешкен буйруктарына ылайык,

**БУЙРУК КЫЛАМ:**

1. ________________ айыл өкмөтүндө/мэриясында үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жергиликтүү комитети түзүлсүн жана төмөндөгүдөй курамда бекитилсин:

**Комитеттин төрагасы:**
**Комитеттин катчысы:**

**Комитет мүчөлөрү**:
1)
2)

3)
4)
5)
6)

2. ____________________ айыл өкмөтүнүн/мэриясынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет жөнүндө» жобо бекитилсин.

3. Бул тескеменин аткарылышынын көзөмөлдөөсүн өзүмө жүктөлсүн.

4. (____________________ айыл өкмөтүнүн/мэриясынын ____ жылдын «__» ______ № _____ Тескемеси күчүн жоготту деп таанылсын) (эгерде мурда түзүлгөн жергиликтүү комитеттин курамын жаңыртуу зарылчылыгы келип чыкса).

Башчы Ф.А.Аа.

**2- тиркемеси. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттин иш планынын үлгүсү**

**«БЕКИТЕМИН»:**

________________ областынын

__________________районунун

_______________________________________

айыл өкмөтүнүн башчысы /мэриясынын мэри

(Аты-жөнү)

«________» __________________________ 2022-ж

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттин 2022-2023-ж. иш**

**ПЛАНЫ**

**_____________________ айылдык аймагы __________________ району__________________ областы**

| Иш-чаралар | Мөөнөтү | Жооптуу жана тартылган тараптар | Бюджети (сом) жана каржылоо булагы |
|---|---|---|---|
| **1-маселе. Маалыматтоо иштери** | | | |
| 1.1. Жергиликтүү комитеттин бары жана иши тууралу калкты маалыматтоо (тургундар менен чогулуш өткөрүү) | Жылдын башында январь/февраль | ЖК мүчөлөрү | *Мисалы: тургундарды чакыруу үчүн жергиликтүү бюджеттен байланыш уюлдарынын кызматына 1000 сом* |

| **Иш-чаралар** | **Мөөнөтү** | **Жооптуу жана тартылган тараптар** | **Бюджети (сом) жана каржылоо булагы** |
|---|---|---|---|
| 1.2. ЖКнын иши тууралу окуучуларды жана алардын ата-энелерин класстык саат жана ата-энелер чогулушу аркылуу маалыматты жеткирүү | Квартал сайын | Соц. педагог, ИДН | |
| 1.3. Социалдык тармактар (Инстаграм) жана Ваттсап тобу аркылуу маалымдоо | Туруктуу түрдө | ЖК катчысы | |
| 1.4. Басма материалдарды/маалымат материалдарды басып чыгаруу | Жылына бир жолу февраль/март | ЖК катчылыгы | *Мисалы: 3000 сом - демөөрчү* |
| 1.5.Үйлөрдү кыдырып, маалыматтык материалдарды таратуу, жергиликтүү тургундар менен сүйлөшүү | Квартал сайын | ЖК мүчөлөрү | |
| **2-маселе. Алдын алуу иш чаралар** | | | |
| 2.1. ЖКнын мүчөлөрүнүн үйлөрдү кыдыруунун графигин түзүү | Жылдын башында | ЖК мүчөлөрү | |
| 2.2. Алдын алуу максатында үйлөрдү кыдыруу | Квартал сайын | ЖК мүчөлөрү | |
| 2.3. Окуяларды байкоо, көзөмөлдөө | Келип түшкөнгө жараша | ЖК мүчөлөрү | |
| 2.4. Орто мектептердин 8-9-10-11- класстардын окуучулары менен тарбия иштерин өткөрүү | Квартал сайын | Соц. педагог, ИДН | |
| 2.5. Толук эмес үй-бүлөлөр, мигранттардын балдары менен өз алдынча алдын алуу иштерин жүргүзүү (баарлашуу) | Квартал сайын | Соц. педагог, мектептин психологу | |

| **Иш-чаралар** | **Мөөнөтү** | **Жооптуу жана тартылган тараптар** | **Бюджети (сом) жана каржылоо булагы** |
|---|---|---|---|
| 2.6. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандар менен өз алдынча алдын алуу иштерин жүргүзүү. | Квартал сайын | ЖК мүчөлөрү , Милициянын аймактык ыйгарым өкүлү (Участковый) | |
| 2.6. Укук бузуучулар менен өз алдынча алдын алуу иштерин жүргүзүү (баарлашу, түшүндүрүү иштери). | Квартал сайын | ЖК мүчөлөрү , Участковый | |
| **3 -маселе. Үй-бүлөлүк зомбулук боюнча жергиликтүү жамаатта талдоо жүргүзүү** | | | |
| 3.1. Сурамжылоо анкетасын даярдоо жана толтуруу | Жылдын башында | ЖК катчылыгы | |
| 3.2. Ар бир окуяны эсепке жана көзөмөлгө алуу үчүн өзүнчө иш ачууга даярдык көрүү. | Келип түшкөнгө жараша | ЖК катчылыгы | |
| 3.3. Кошумча талдоо жүргүзүү үчүн мамлекеттик, статистикалык органдарга өтүнүч каттарды жиберүү | Жылдын башында жана аягында | ЖК катчылыгы | |
| 3.4. Маалыматтарды иштеп чыгуу жана отчетту даярдоо | Октябрь-ноябрь | ЖКнын бардык мүчөлөрү | |
| 3.5. Жылдык отчет менен жергиликтүү жаматтын алдына чыгуу | декабрь | ЖК төрагасы | |
| **4 - маселе. Жарандардын кайрылышы менен иштөө жана көңүл бөлүү** | | | |
| 4.1. Консультация берүү жана мамлекеттик органдарга, Кризистик борборлорго ж.б. даректүү жөнөтүү | Арыз келип түшкөнгө жараша | ЖК мүчөлөрү | |
| 4.2. Мониторинг жана окуяны баало жана ишин жазуу | Арыз келип | КПНСтин ЖК | |

| **Иш-чаралар** | **Мөөнөтү** | **Жооптуу жана тартылган тараптар** | **Бюджети (сом) жана каржылоо булагы** |
|---|---|---|---|
| | түшкөнгө жараша | төрагасы/катчысы | |
| 4.3. Ар бир иш боюнча журнал жүргүзүү | Келип түшкөнгө жараша | ЖК мүчөлөрү | |

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана**
**коргоо боюнча комитеттин төрагасы** ________________________

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана**
**коргоо боюнча комитеттин катчысы** ________________________

## 3- тиркемеси. Жергиликтүү кызмат көрсөтүүчүлөрдүн картасы (үлгү)

| **Органы/бөлүмү/кызматы** | **Байланышуучу адамдын аты жөнү** | **Байланыштар (адрес, телефон, сайт)** |
|---|---|---|
| **Социалдык өнүгүү органдары** | | |
| Социалдык өнүктүрүү органынын жетекчиси | | |
| Үй-бүлөнү жана балдарды колдоо боюнча адис | | |
| | | |
| | | |
| **Ички иштер органдары** | | |
| РИИБ/ШИИБ, ШМБ/АМБ нөөмөт бөлүмдөрү | | |
| РИИБ/ШИИБ башчысы | | |
| ШМБ/АМБ башчысы | | |
| *Милициянын участкалык ыйгарым укуктуу өкүлү* | | |
| Балдардын иштери боюнча инспектор | | |

| Органы/бөлүмү/кызматы | Байланышуучу адамдын аты жөнү | Байланыштар (адрес, телефон, сайт) |
|---|---|---|
| **Юридикалык жардар** | | |
| Акысыз юридикалык жардам берүү борборунун координатору | | |
| Аймактык Адвокатуранын адвокаттары | | |
| | | |
| | | |
| **Саламаттыкты сактоо уюмдары** | | |
| Медициналык тез жардам СМП | | |
| Фельдшердик-акушердик пункт (ФАП) | | |
| Үй-бүлөлүк медицина борбору (ЦСМ) | | |
| Жаракат пункт (Травмпункт) | | |
| Оорукана | | |
| Соттук-медициналык экспертиза | | |
| **Психологиялык жардам** | | |

| **Органы/бөлүмү/кызматы** | **Байланышуучу адамдын аты жөнү** | **Байланыштар (адрес, телефон, сайт)** |
|---|---|---|
| Психологдор | | |
| Психологиялык кызматты/жардам көрсөтүүчү уюмдар | | |
| | | |
| | | |
| **Аялдардын укуктарын коргоо тармагында иштеген уюмдар** | | |
| Кризисттик центрлер | | |
| Аялдар уюмдары | | |
| | | |
| **Балдардын укуктарын коргоо тармагында иштеген уюмдар** | | |
| | | |
| | | |
| **Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жардам көрсөтүүчү уюмдар** | | |

| **Органы/бөлүмү/кызматы** | **Байланышуучу адамдын аты жөнү** | **Байланыштар (адрес, телефон, сайт)** |
|---|---|---|
| | | |
| **Баш калкалоочу жайлар** | | |
| | | |
| | | |
| **Башка ишканалар жана уюмдар** | | |
| Жергиликтүү мамлекеттик администрация | | |
| Мэрия | | |
| Прокуратура | | |
| Акыйкатчы/Омбудсмен | | |
| | | |

## 4-тиркемеси. Үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча жарандардын кайрылууларын эсепке алуу журналы

**Үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча жарандардын кайрылууларын эсепке алуу**

**ЖУРНАЛЫ**

___________________________________________________________________________

(органдын же уюмдун аталышы)

| № п/п | Кайрылган күн жана убакыт | Маалыматтын булагы | Жабыр тарткан адамдын аты-жөнү, туулган датасы | Жашаган жери | Жашы жете электер кайрылганда ата-энелери (аларды алмаштырган адамдар) жөнүндө маалыматтар | Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашыруучу башка субъекттерден алынган жардамдын түрү | Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча кайсы субъекттерге кайра жиберилген | Кайрылуунун формасы (түздөн-түз/ телефон боюнча, анонимдүү) | Маалымат берилди (үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча кайсы субъекттерге маалымат берилгендиги көрсөтүлсүн) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |

Эскертүү: журналдын барактарына номерлер коюлуп, боолонуп, органдын же уюмдун мөөрү жана жетекчисинин колу коюлушу керек.

## 5-тиркемеси. Коркунучтун деңгээлин жана зомбулукту күчөтүү коркунучун жараткан кырдаалдарды баалоо

Жабырлануучу менен бирге үй-бүлөлүк зомбулук кырдаалындагы коркунучтун даражасына баа берүү, үй-бүлөлүк зомбулукту жасаган адам же адамдардын топтору тарабынан жабырлануучу үй-бүлөлүк зомбулуктун кандай формаларына жана түрлөрүнө дуушар болгонун аныктоо; кайталанган зомбулуктун коркунучун жана тобокелдиктерин баалоо.

**1-кадам.**

| № | **Суроолор** | ооба | жок | Билбейм |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Ал бала кезинде катаал мамилеге дуушар болгонбу? | | | |
| 2. | Зомбулук көрсөткөн адам энесине карата физикалык зомбулуктун күбөсү болгонбу? | | | |
| 3. | Ал акыркы 3 айда агрессивдүү же коопту болгонбу? | | | |
| 4. | Ал Сизди аңдып, жүргөн жериңизди текшерип, патологиялык кызганычты сезди беле? | | | |
| 5. | Акыркы 3 айда Сизге карата зомбулук учурларынын саны өстүбү? | | | |
| 6. | Ал олуттуу дене жаракатын келтирип, Сиз медициналык жардамга кайрылууга аргасыз болдуңуз беле? | | | |
| 7. | Ал Сизди муунтканбы? | | | |
| 8. | Сизди өлтүрөм деп коркутту беле? | | | |
| 9. | Ал өзүн өзү өлтүрөм деп коркутту беле?<br>Ал өзүн өзү өлтүрүү аракетин кылды беле? | | | |
| 10. | Сиз кош бойлуу убакта зомбулукка кабылгансызбы? (жабырлануучу аял болгондо) | | | |
| 11. | Сиз өзүңүздү жардам булактарынан обочолонгондой сезесизби (автомобиль, телефон, үй-бүлө, достор ж.б.)? | | | |
| 12. | Сексуалдык зомбулукка кабылгансызбы? | | | |
| 13. | Зомбулук көрсөткөн адам ичимдик ичеби? | | | |
| 14. | Зомбулук көрсөткөн адамдын куралга жетүү мүмкүнчүлүгү барбы? | | | |
| 15. | Ал курал колдонгонбу же аны колдоном деп коркутту беле? Эгерде ооба болсо, бул кандай курал болгон? | | | |
| 16. | Ал Сизге олуттуу зыян келтириши мүмкүн деп ойлойсузбу? | | | |
| 17. | Ал зомбулук жасагандан кийин өкүнөбү? | | | |
| 18. | Ал үй-бүлө мүчөлөрү болуп саналбаган башка адамдарга карата зомбулук көрсөттү беле? | | | |
| 19. | Зомбулук көрсөткөн адам зомбулук менен байланышпаган кылмыш жасайбы? | | | |
| 20. | Ал баңги колдонобу? | | | |

Эгерде “Ооба” жооптору боюнча балл суммасы 7 жана андан көп балл түзсө, жыйынтыктар коркунучтун жогорку деңгээли катары бааланат.

**2-кадам.**

Жогорку деңгээлдеги коркунучту баалоонун жыйынтыктарын жабырлануучу менен талкуулаңыз жана анын өз ресурстарын жана социалдык колдоо чөйрөсүн көрүүсүнө жардам бериңиз, ага төмөндөгүлөрдү сунуштаңыз:

- Жабырлануучунун пикиринде, анын өмүрүнө жана ден соолугуна эч кандай коркунучу жок жана күйөөсү/өнөктөшү билбеген убактылуу турак-жай бере ала турган туугандары/тааныштары/кесиптештери жөнүндө сураңыз;
- Жабырлануучуга сиздин райондогу муниципалдык баш калкалоочу жайлар же кризистик борборлордун баш калкалоочу жайлары жөнүндө айтып бериңиз;
- Баш калкалоочу жайда бош орун барбы, алар жабырлануучуну (балдары менен бирге) кабыл алабы тактаңыз;
- Анда жабырлануучу кабыл алган чечимдин негизинде иш кыл, же ал туугандарына/досторуна көчүп кетет, же баш калкалоочу жайга жайгаштырууга жардам берет. Ошондой эле ага коопсуздук планын түзүүгө жардам бериңиз
- Андан ары жабырлануучу кабыл алган чечимге жараша аракеттениңиз, же ал өз туугандарына/тааныштарына көчүп кетет, же анын баш калкалоочу жайга жайгашуусуна жардам бериңиз. Ошондой эле ага коопсуздук планын түзүүгө жардам бериңиз.

## 6-тиркемеси. Жабырлануучу менен коопсуздук планын түзүү

Жабырлануучу менен бирге талкуулап, өз ара мамилени коопсуз кылуу үчүн чараларды көрүү керек. Жубайы/өнөктөшү зыян келтириши же ушуга окшош нерсени жасашы мүмкүн болгон кырдаалдын алдын алуу үчүн зарыл болгон бир катар чараларды сунуш кылыңыз.

| Тобокелдиктер жана социалдык колдоону картага түшүрүү |
| --- |

*Зомбулук окуясы учурундагы коопсуздук стратегиясын ойлонуңуз*

Ар бирибиздин жашообузда башкаларга караганда коопсуз же кооптуу деп эсептеген жерлер бар жана коркунуч учурунда биз көбүрөөк кайрыла турган адамдар бар. Эгерде сиз өнөктөшүңүз же башка бирөө сизге зыян келтириши же дене бойго же сексуалдык жаракат келтириши мүмкүн деп коркуп жатканыңызды түшүнсөңүз, Сиздин конкреттүү үй-бүлө мүчөсүнө же досторго жардам, кеңеш сурап жана эмоционалдык колдоо көрсөтүшү үчүн кайрылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгонуңуз пайдалуу. Ошондой эле Сиз үчүн досуңуз же үй-бүлө мүчөңүз менен болуу коопсуз болгон учурлары болушу ыктымал. Досторуңуз же үй-бүлөңүз балдарыңызга кам көрүү менен жардам бере алат же бир аз убакытка үйдөн жок болушуңуз керек болсо, сизге материалдык жардам берет. Мезгил-мезгили менен коркунуч үй-бүлө мүчөлөрүнөн же башка адамдардан келип чыгаарын түшүнүү менен, мындай кырдаалдарда ким менен байланыша алаарыңызды жана кимдикине токтой алаарыңызды аныктоо керек.

Ар кайсы адам Сизге ар башка жардам бере алат. Мисалы, мамилелердеги көйгөйлөр тууралуу досуңуз менен сүйлөшкөн оңой болот, бирок кайсы бир убак жашап туруу өтүнүчү менен өз эжеңизге кайрылган туура болот.

*«Социалдык колдоо картасын» толтуруңуз*

Сизге көбүрөөк тобокелдик жараткан же Сизди дене бой же сексуалдык зомбулук менен коркуткан бирден бешке чейинки адамдын аты-жөнүн атай аласызбы? Келиңиз, алардын аты-жөнүн жазалы. (Өзгөчө үй-бүлө мүчөлөрүнө, өнөктөшүнө, милиция кызматкерлерине ж.б. көңүл буру керек). Бул адамдардын кимиси Сизди көбүрөөк тынчсыздандырат?

*Аларды тизмеде белгилеңиз (социалдык колдоо картасында).*

Сиз ишенген бирден бешке чейин адамдын аты-жөнүн атай аласызбы? Келиңиз, балардын аты-жөнүн бул социалдык колдоо картасына жазалы жана плюс белгиси менен белгилейли (бул үй-бүлө мүчөсү; кошуна; Сиз чогуу иштеген адам; достор; өнөктөш; кызмат көрсөтүүнү жеткирүүчү болушу мүмкүн).

Бул адамдардын кимиси Сизге эмоционалдык колдоо көрсөтө алат? Келиңиз, аларды жүрөкчө менен белгилейли.

Бул адамдардын ичинен кимдир бирөө Сизге практикалык колдоо көрсөтө алабы, мисалы, Сизге жашаганга орун берет, балдарыңызды карашат же карызга акча берет? Келиңиз аларды жылдызча менен белгилейли.

*Эгерде катышуучу бир адамды же адамдардын тобун эки түр катары тең аныктаса, б.а. тобокелдик жаратуучу катары дагы, коопсуздукту камсыздоочу катары дагы аныктаса, бул адамдар кандай жагдайларда коркунуч жана тобокелдик жаратышы мүмкүн жана мындай кырдаалдарда ким менен байланышууга болоорун сүйлөшүңүз.*

**Зомбулук учурундагы коопсуздук**

Аялдар дайыма эле зомбулуктан кутула алышпайт. Коопсуздукту жакшыртуу үчүн аялдар ар кандай ыкмаларды колдоно алышат. Сиз өзүңүздүн коопсуздугуңуз үчүн төмөнкү ыкмалардын айрымдарын же бардыгын колдонсоңуз болот.

**Коопсуздук планы**

Зордук-зомбулук болуп жаткан бөлмөдөн же үйдөн кантип качса болоорун алдын ала ойлонсонуз жакшы болот. Кандай эшиктер, терезелер, лифттер же өрт чыкканда пайдаланылуучу жолдор бар? Зарыл болгондо алардын кайсынысын колдоно аласыз? Бул жолдордун кайсынысы коопсуз экенин алдын ала ойлонуп көрүңүз да, төмөндө мындай жайдан кантип качууну пландап жатканыңыз тууралуу өз оюңузду жазып көрүңүз.
Бул план (атын жазыңыз):________________________________үчүн иштелип чыккан

Эгерде мен ал жактан качууну чечсем, мен бул жолду пайдаланам: _.________________________________________________________________

Кармалбай качып кетүү үчүн, мен алдын ала документтеримди, паспортумду, баштыгымды, капчыгымды, ачкычты коюп коем (көрсөтүлгөн орунга): _________________________________________________________________

*Мен кимдир бирөөгө мага кандайдыр бир жаман нерсе болушу мүмкүн экенин алдын ала эскертип жана бул адамдан эгерде алар менин батиримден, үйүмдөн шектүү ызы-чууну укса, милицияга чалууну өтүнөм алам.*

Мындай адамдардын биринин аты-жөнү:
Мындай адамдардын дагы бирөөнүн аты-жөнү:

Сиз кооптуу кырдаалга дуушар болгонуңузду сезгенде, милицияга же башка кызматтарга чала ала турган мобилдик телефонуңуз же үй телефонуңуз барбы
?

Ооба Жок
(*Эгерде кардар "Жок" деген жоопту тандаса…*)

Сиз чала ала турган телефону бар кошунаңыз, досуңуз же үй-бүлө мүчөсү бар-жогун ойлонуп көрүңүз?
Ооба Жок

Күйөөңүз/өнөктөшүңүз же башка үй-бүлө мүчөлөрү сизге зыян келтире турганын түшүнсөңүз, милицияга чалуу мүмкүнчүлүгүнө нормалдуу мамиле кыласызбы?
Ооба Жок

*Балдарым же досторум менен алар менин жардамга муктаж экенимди түшүнүшү үчүн кандай код сөздөрдү айта алаарымды алдын ала макулдашып алам. Бул код сөздөр күйөөмдө/өнөктөшүмдө шектеүүнү жаратпашы керек, ошол эле учурда мен күнүмдүк жашоодо айткандан айырмаланышы керек. Мисалы, "эжем бүгүн мага кайра чалган жок го" деп айтышым мүмкүн.*

Код сөз сиздин балаңыздын курагына ылайык келиши керек. Мисалы, 13 жаштагы кыз үчүн ылайык келген фраза төмөнкүдөй болушу мүмкүн: "Бүгүн сенин аталаш агаң чалды, сени мүмкүнчүлүгү болгондо чалсын деди". Жашыраак балдар үчүн фраза төмөнкүдөй болот: "Бүгүн таенең чалды, сени кайра чалсын деди". Эгерде бала бешке чыга элек болсо, алар үчүн код сөз менен байланыштуу бардык жол-жобону эстеп калуу оор болушу мүмкүн, ошондуктан план түзгөндө, алдын ала ойлонуңуз.

*Ошентип, сиздин код сөзүңүз төмөнкүдөй болот:*_ ______________________________________________

Үйдөн качып чыкканда кайда бара турганыңызды алдын ала ойлонгонуңуз жакшы. Мындай зомбулук мындан ары кайталанбайт деп божомолдосоңуз дагы, бул аспектини алдын ала ойлонуңуз.

*Ошентип, эгерде сиз үйдөн качып кетсеңиз, анда бул жакка келесиз:* ______________________________________________

*Балдарым бул стратегиялык планды аткаргандай аларды алдын ала даярдай алам.*

Ваннада жана ашканада зомбулук кырдаалынан оолак болууга аракет кылыңыз, анткени бул бөлмөлөрдө же өлтүрүп коюучу жабдыктар болгондугу, же чыгып кетүү үчүн кошумча жол жоктугу менен кооптуу болот.

*Ошентип, кезектеги зомбулук фактысы убагында мен коркунуч азыраак болгон бул бөлмөгө өтүүгө аракет кылам:* ________________

*Мен өзүмдүн туюмумду жана интуициямды колдонууга аракет кылам. Эгер кырдаал өтө олуттуу болсо, мен күйөөм/өнөктөшүм тынчып калышы үчүн, ал талап кылгандай жасайм. Ал же экөөбүз тең тынчып калмайынча, өз коопсуздугуңа кам көргөн туура.*

## Качууга даярдануудагы коопсуздук

Эгерде күйөөсү/өнөктөшү өзүн кармай албай калса, аял ал адам менен чогуу турган бөлмөдөн же үйдөн качып кетүүнү чечиши мүмкүн. Мындай качууну коопсуз кылуу үчүн,

аны алдын ала пландаштыруу зарыл. Зомбулук көрсөтүүгө жакын өнөктөштөр, эгерде аялы аны менен мамилесин үзгөнү жатканын сезип калса, өтө кекчил болушу мүмкүн.

Бул пландардын бирин же бир нечесин пайдаланууга болот:

*Мен тезирээк качып кетишим үчүн бир аз акча жана кошумча ачкыч калтырам* ____________________________________________

Ачкычтарды, документтерди, паспортту, төрөлгөндүгү тууралуу күбөлүктөрдү же медициналык маалымдаманы мен катып коем ______________________________________________________________
____________________________________________

Сиздин күйөөңүздөн/өнөктөшүңүздөн материалдык жактан көз каранды болбогонуңуз маанилүү.

*Ошентип, өз көз карандысыздыгымды кепилдөө үчүн, мен кеч эмес банк эсебин ачам (дата көрсөтүү):* __________________________________________________________

*Мындан тышкары материалдык жактан көз карандысыз болуш үчүн төмөнкүдөй чараларды көрө алам:* ______________________________________________________________
____________________________________________

*Эгер өнөктөшүңүз тараптан коркунучту сезсеңиз, милицияга «102» кызматына чалыңыз. Ошондой эле 112, 111, 102 телефону аркылуу чалып, жардам же маалымат алуу үчүн консультация алсаңыз болот.*

Эгерде салуу үчүн уюлдук телефонду колдонсоңуз, күйөөңүз/өнөктөшүңүз сиз чалган номерлерди карап, сизди аңдышы мүмкүн. Мындан оолак болуш үчүн телефонго пароль коюп же коопсуздук планыңыздагы адамдардын телефонун колдонгонуңуз туура болот.
Айланаңызда сизди өз үйүндө калууга уруксат берген же сизге бир аз акча бере турган адамдардын болгону маанилүү.

*Ошентип, мен бул адамдардан алардыкына калууга болобу же мага карызга акча бере алабы такташым керек:*_____________________________________________________

*Мен бул адамда кийим жана ич кийим салынган кошумча баштыкты калтыра алам:* __________________________________________________________

Мезгил-мезгили менен өзүңүздүн коопсуздук планыңызды карап чыкканыңыз маанилүү. Биз түзү турган бул планды кайра качан карап чыгууну пландайсыз?

*Бул күнү:* __________________________________________________

Сиз ишенген досторуңуздан же юристтен бул планды карап чыгууну өтүнүңүз.

*Ошентип, мен бул планды карап берүүнү өтүнө турган адамдын аты:* ___________________________________________________________

Бул коопсуздук планын репетиция кылыңыз, эгерде зарыл болсо, аны балдарыңыз менен аткарып көрүңүз.

Мындан тышкары, чыр-чатактын же зомбулуктун актысы учурунда зыян тартпаш үчүн, сизге жамандык кылган зомбулук көрсөткөн адамдын үстүнөн арызданууну кандай жолдору бар экенин билүү абдан маанилүү. Башка адамга зомбулук көрсөтүү мыйзамга каршы келет.

**7-тиркемеси. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттин маалыматы**

______________________________________________________________ мезгилдин ичинде________________
(айыл аймагынын/шаардын жана райондун аталышы)

## 1. Статистикалык маалымат

| Аталышы | Бардыгы, адам | **Аялдар** | | | | | | | **Эркектер** | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | баардыгы (аялдар) | 14 жашка чейин | 14-17 жаш | 18-34 жаш | 35-39 жаш | 40-49 жаш | 50 жаштан улуу | Баардыгы (эркектер) | 14 жашка чейин | 14-17 жаш | 18-34 жаш | 35-39 жаш | 40-49 жаш | 50 жаштан улуу |
| **Кайрылгандардын жалпы саны, адам** | | | | | | | | | | | | | | | |
| **Билими боюнча:** | | | | | | | | | | | | | | | |
| Жогорку кесиптик | | | | | | | | | | | | | | | |
| Толук эмес жогорку | | | | | | | | | | | | | | | |
| Орто кесиптик | | | | | | | | | | | | | | | |
| Жалпы орто | | | | | | | | | | | | | | | |
| Толук эмес жалпы | | | | | | | | | | | | | | | |
| Билимсиз | | | | | | | | | | | | | | | |

| Аталышы | Бардыгы, адам | Аялдар | | | | | | | Эркектер | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | баардыгы (аялдар) | 14 жашка чейин | 14-17 жаш | 18-34 жаш | 35-39 жаш | 40-49 жаш | 50 жаштан улуу | Баардыгы (эркектер) | 14 жашка чейин | 14-17 жаш | 18-34 жаш | 35-39 жаш | 40-49 жаш | 50 жаштан улуу |
| **Иштеген ишинин түрү боюнча (социалдык макамы):** | | | | | | | | | | | | | | | |
| иштегендер | | | | | | | | | | | | | | | |
| окуучулар, студенттер | | | | | | | | | | | | | | | |
| пенсионерлер | | | | | | | | | | | | | | | |
| жумушсуздар | | | | | | | | | | | | | | | |
| Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар | | | | | | | | | | | | | | | |
| **Үй-бүлөлүк абалы боюнча:** | | | | | | | | | | | | | | | |
| расмий никеде тургандар | | | | | | | | | | | | | | | |
| жарандык нике менен жашагандар | | | | | | | | | | | | | | | |
| ажырашкандар | | | | | | | | | | | | | | | |
| жесир эркек (аял) | | | | | | | | | | | | | | | |
| никеде турбагандар | | | | | | | | | | | | | | | |
| **Кайрылгандардын жалпы санынын ичинен төмөнкү себептердин түрү боюнча:** | | | | | | | | | | | | | | | |
| Үй-бүлөлүк зомбулук | | | | | | | | | | | | | | | |
| Сексуалдык зомбулук | | | | | | | | | | | | | | | |

| Аталышы | Бардыгы, адам | **Аялдар** | | | | | | | **Эркектер** | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | баардыгы (аялдар) | 14 жашка чейин | 14-17 жаш | 18-34 жаш | 35-39 жаш | 40-49 жаш | 50 жаштан улуу | Баардыгы (эркектер) | 14 жашка чейин | 14-17 жаш | 18-34 жаш | 35-39 жаш | 40-49 жаш | 50 жаштан улуу |
| Басмырлоочу нике тажрыйбасы (никеге туруууга мажбурлоо, никеге туруу үчүн уурдап кетүү, жашы элек кезде никеге туруу, көп аялдуулук) | | | | | | | | | | | | | | | |
| Башкалар | | | | | | | | | | | | | | | |
| **Кайрылгандардын жалпы санынын ичинен үй-бүлөлүк зомбулуктун төмөнкү түрлөрү менен жабыркагандар** | | | | | | | | | | | | | | | |
| физикалык зомбулук | | | | | | | | | | | | | | | |
| психологиялык зомбулук | | | | | | | | | | | | | | | |
| экономикалык зомбулук | | | | | | | | | | | | | | | |
| кайдыгер мамиле | | | | | | | | | | | | | | | |
| сексуалдык зомбулук | | | | | | | | | | | | | | | |

2. **Жергиликтүү комитет тарабынан аткарылган иштер жөнүндө** (отчеттук мезгилдеги иш-чаралардын баяндамасы)

**Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин «13» мартындагы № 40 буйругуна тиркеме №01-18/35**

## Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет жөнүндө типтүү жобо

Бул Типтүү жобо "Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесине ылайык иштелип чыккан жана атайын органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча комитетинин ишинин тартибин жана шарттарын аныктайт.

### 1. Жалпы жобо

1.1. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет (мындан ары-Комитет) - бул үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу, аялдардын, балдардын, улгайган жана аракетке жөндөмсүз жарандардын укуктарын бузуу маселелери боюнча өз ара аракеттенүү жана кызматташуу үчүн мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнөн (үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдардын субъекттеринен), жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнөн жана жарандык коомдун өкүлдөрүнөн турган коомдук башталышта тузулген, дайыма иштеечу коллегиялуу орган. Комитеттин негизги максаты - үй-бүлөлүк зомбулукту, үй-бүлөдөгү аялдардын жана кыздардын укугунун бузулушун алдын алууга көмөк көрсөтүү.

1.2. Комитет өз ишинде Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарын, ченемдик укуктук актыларды, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

1.3. Комитеттин курамына үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоону жана сактоону жүзөгө ашыруучу субъектилер, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик органдардын аймактык бөлүнүштөрүнүн (билим беруу, саламаттык сактоо, ички иштер органдары, социалдык өнүктүрүү, юстиция түзүмдөрү) өкүлдөрү, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү жана жарандык коомдун (аксакалдар соттору, аялдар, жаштар кеңештери, бейөкмөт уюмдары, кризистик борборлор) өкүлдөрү жана башкалар кирет.

1.4. Комитет коомчулуктун мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүү жана кызматташуу формаларынын бири болуп саналат жана алардын өз ара аракетинин жана кызматташтыгынын башка формалары чектелбейт.

1.5. Комитет маалыматтардын купуялуулугун, жашырындуулугун сактоону жана жашы жете электерге жана аракетке жөндөмсүз адамдарга карата үй-бүлөлүк зомбулук фактыларын кошпогондо, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандар тууралуу маалыматтарды ачыкка чыгарбоого, ошондой эле маалыматтарды башка субъектилерге берүү жөнүндө жашы жеткен адамдардын макулдугу болгондо, өз ишин ыктыярдуу жана акысыз принциптери боюнча туруктуу негизде жүзөгө ашырат.

## 2. Комитеттин негизги милдеттери

Комитеттин негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

2.1. Үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу маселелери боюнча мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандык коомдун өкүлдөрүнүн ортосундагы өз ара аракеттенүү;

2.2. Адам укуктары, укуктарды коргоо жана сактоо, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулукту болтурбоо маселелери боюнча жергиликтүү калкка маалымдоо;

2.3. Жергиликтүү жаамат менен түшүндүрүү жана консультациялык жолугушууларды өткөрүү;

2.4. Үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу жана укук коргоо маселелерине байланышкан коомдук демилгелерди талкуулоо жана алдыга жылдыруу;

2.5. Мамлекеттик органдардын жана бейөкмөт уюмдардын үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу боюнча көрсөткөн кызматтарынын сапатын жакшыртууга көмөктөшүү;

2.6. Үй-бүлөлүк зомбулук маселеси боюнча маалыматтарды жыйноо жана талдоо;

2.7. Маалыматтык-агартуу иши боюнча сунуштарды, сын-пикирлерди даярдоо жана коомчулукта болуп жаткан зомбулук үчүн жоопкерчилигин жана маалымдуулугун жогорулатууга багытталган координациялоону күчөтүү.

## 3. Комитеттин функциялары

3.1 Комитет өзүнө жүктөлгөн милдеттерди ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй функцияларды аткарат:

3.1.1. Калк менен адам укуктары жана үй-бүлөлүк зомбулукту болтурбоо маселелери боюнча алдын алуу жолугушууларын өткөрүү;

3.1.2. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга маалыматтык жана консультациялык укуктук жардам көрсөтүү жана аныктоо;

3.1.3. Комитеттин мүчөлөрү үчүн кварталына бир жолудан кем эмес окутуу иш-чараларын өткөрүү;

3.1.4. Зарыл учурларда ички иштер органдарына жана прокуратурага үй-бүлөдө жасалган зомбулук фактылары жөнүндө кабарлоо;

3.1.5. Аялдардын, балдардын, улгайган адамдардын коопсуз жашоого болгон укуктарынын бузулган учурларына туруктуу мониторинг жүргүзүү;

3.1.6. Жеке жана жергиликтуу жаамат менен байланышты өнүктүрүү жана колдоо;

3.1.7. Үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу боюнча коомдук демилгелерди колдоо жана өнүктүрүү боюнча аймактар аралык кызматташууну өнүктүрүү;

3.1.8. Зомбулуктан жабыр тарткан жарандарга турмуш-тиричиликтин чектеген тоскоолдуктарын жөнүү үчүн шарт түзүүгө көмөктөшүү жана коомдун турмушуна катышуу үчүн башка жарандар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу;

3.1.9. Үй-бүлөдөгү зомбулук маселелери жана үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо механизмдери боюнча маалыматтык иш-чараларды өткөрүүдө мамлекеттик мекемелерге жана коомдук бирикмелерге көмөк көрсөтүү.

## 4. Комитеттин мүчөлөрүнүн укуктары

4.1. Комитеттин мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

4.1.1. Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу маселелерине байланышкан коомдук демилгелерди кароо;

4.1.2. Ченемдик укуктук актылардын жана башкаруучулук чечимдердин долбоорлорун иштеп чыгууга жана коомдук угууларга катышууга;

4.1.3. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан пландаштырылган же кабыл алынган чечимдерди өркүндөтүү боюнча сунуштарды, сын-пикирлерди киргизүүгө;

4.1.4.Өзүнүн ишине улуттук, эл аралык, эксперттик жана расмий уюмдардын, бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүн, ошондой эле айрым адистерди тартууга;

4.1.5. Семинарларды, конференцияларды, тегерек столдорду, коомдук угууларды жана башка иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө;

4.1.6. Комитеттин компетенциясына кирген маселелерди талкуулоо үчүн тийиштуу мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлерин, жарандык активисттерди жана жергиликтүү жааматтын жарандарын жыйынга чакырууга;

4.1.7. Коомчулукка, мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын комитетке берген сунуштарын, сын-пикирлерин жана башка кайрылууларын четке кагууда аларга маалымдоого;

4.1.8. Мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына коомчулук менен өз ара аракеттенүүгө көмөк көрсөтүү;

4.1.9. Комитеттин белгилүү бир чыгымдарын каржылоо үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган каражаттарды тартууга.

4.2. Комитеттин мүчөлөрү байкоочулар катары төмөнкүлөргө катышууга укуктуу:

4.2.1. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча жыйналыштарына;

4.2.2. Мамлекеттик органдар жана алардын түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан өткөрүлүүчү башка иш-чараларга катышууга.

## 5.Комитеттин ишин уюштуруу

5.1. Комитеттин ишин жетектоону мүчөлөрдүн ичинен шайланган комитеттин төрагасы жүргүзөт.

5.2. Комитеттин жооптуу катчысы болуп комитеттин өкүлү саналат.

5.3. Комитеттин ишин төрага жетектейт. Комитеттин жыйналыштары анын жетекчилиги алдында зарылдыгына жараша, бирок айына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт.

5.4. Жыйын комитеттин мүчөлөрүнүн жалпы санынын жарымынан көбүнүн катышуусу менен өткөрүлөт.

5.5.Комитеттин чечими комитеттин отурумуна катышкан мүчөлөрдүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

5.6. Добуштар тең чыккан учурларда комитеттин төрагасынын добушу чечүүчү добуш болуп саналат.

5.7. Комитеттин төрагасы жок болгон учурда, анын ыйгарым укуктарын комитеттин жыйналышында көпчүлүк добуш менен шайланган комитеттин мүчөлөрүнүн бири аткарат.

5.8. Комитеттин жыйналышында протокол жазылат, анда бардык кабыл алынган чечимдер белгиленет. Протоколго комитеттин төрагасы жана жооптуу катчысы кол коет.

5.9. Комитеттин мүчөлөрү зарыл болгон учурда, комитеттин чечимдеринин долбоорлору боюнча корутундуларды даярдоого, кезексиз жана көчмө жыйналыштарды чакыруу боюнча сунуштарды киргизүүгө укуктуу.

5.10. Комитеттин жооптуу катчысы комитеттин отурумунун күн тартибин түзүүнү, аны комитеттин мүчөлөрүнө маалымдоону, комитеттин отурумунда кароого жумушчу материалдардын көрсөтүлүшүн, документтердин комитеттин мүчөлөрүнө жиберилишин, комитеттин чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөөнү ишке ашырат.

5.11. Комитеттин чечимдери комитеттин бардык мүчөлөрүнө, башка кызыкдар тараптарга тааныштыруу үчүн жиберилет.

5.12. Комитеттин чечимдери тиешелүү уюмдар жана мекемелер тарабынан белгиленген тартипте каралат.

5.13. Комитеттин ишин токтотуу жөнүндө чечим комитеттин мүчөлөрүнүн чечими боюнча ишке ашырылат.